# РАСМИЙ СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК

Кыргыз Республикасынын
Улутстаткомунун 2023-жылдын
20-июнундагы №7 токтому
менен бекитилген

# «ЧАКАН ИШКАНАЛАРДЫН ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ» №1-ФЧИ-МИКРО ФОРМАСЫН ТОЛТУРУУ БОЮНЧА

# НУСКАМА

**Бишкек - 2023**

**Жалпы жоболор**

Расмий статистикалык отчеттуулуктун «Чакан ишканалардын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү» №1-ФЧИ-микро (жылдык, кварталдык) формасын уюштуруучулук-укуктук түрүнө карабастан, ишкерчилик (коммерциялык) чөйрөдө эмгектенген кызматкерлердин саны 1-9 адамды түзгөн чакан ишканалар - чарба жүргүзүүчү субъекттер тапшырышат, ошондой эле ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелери (ИСКАКБ).

Форманын алгачкы бөлүгү уюмдаштыруу документтеринин негизинде төмөнкү иретте толтурулат.

«Ишкананын, уюмдун аталышы» реквизитинде юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт (белгиленген тартипте катталган уюмдаштыруу документтерине ылайык).

«Экономикалык ишмердиктин иш жүзүндөгү түрү» реквизитинде Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторуна (ЭИТМК) ылайык ишкананын өндүрүштүк тармагы көрсөтүлөт.

Коддор №1-ФЧИ-микро формасынын даректик бөлүгүндө статистикалык каттоо картасына ылайык толтурулат.

Көп тармактуу болуп саналган чакан ишканалардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн түрүн аныктоо <u>**артыкчылыктарына карата**</u> <u>**жылына бир жолу**</u> жүзөгө ашырылат, б.а. жылдык жүгүртүүнүн же жылдык кирешенин көлөмүнүн көбүрөөк болгонуна жараша аныкталат.

*Ишканалардын түрлөрүн* аныктоо **жылына бир жолу** жумушчулардын орточо тизмелик сыны боюнча; квартал ичинде кайрадан түзүлгөн ишканалар үчүн: отчеттук мезгилдеги жумушчулардын орточо тизмелик сыны боюнча жүргүзүлөт.

***Эгерде ишкананын дареги, менчиктештирүү формасы, уюштуруучулук-укуктук формасы, өнөк мамлекет, экономикалык ишмердүүлүктүн түрү же башка реквизиттер өзгөрсө, отчеттун титулдук баракчасында анык маалыматтар көрсөтүлөт***.

Кайрадан түзүлгөн ишканаларга ишкана түзүлгөн учурдагы маалыматтар жазылат.

«**Эсепти жүргүзүү ыкмасы**» реквизитинде ишканада колдонулуп жаткан эсепти жүргүзүү ыкмасына дал келген кодду тегеректөө зарыл.

**ФОЭС - 1** кодун ФОЭС фондунун комитети менен кабыл алынган (Лондон ш.) эл аралык финансылык отчеттун стандарттары менен коомдук кызыкчылыгы бар, бухгалтердик учетун алып барган жана финансылык отчетту түзгөн ишканалар тегеректейт

Коомдук кызыкчылыгы бар субъектилер - бул листинг фондулук биржаларга кошулган баалуу кагаздары ишкана - эмитенттер.

**Кассалык ыкмасы - 3** кодун бухгалтердик жана финансылык отчетун накталай акча каражаттары менен иш алып барган ишканалар тегеректейт.

**ФОЭС ЧОИ - 4** кодун ФОЭС фондунун комитети менен кабыл алынган (Лондон ш.) эл аралык финансылык отчеттун стандарттары менен чакан жана орто бизнес ишмердигине финансылык отчетторун түзгөн субъектилер жана бухгалтердик учетун алып барган ишканалар тегеректейт

**Жөнөкөйлөтүлгөн эрежелер -5** кодун бухгалтердик учетун жана финансылык отчеттун жөнөкөйлөтүлгөн эрежелер менен алып барган ишканалар (субъектилер) чакан ишканалар, тегеректейт

№1-ФЧИ-микро формасынын бланкасын толтурарда төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

- бардык көрсөткүчтөрдүн маалыматтары өсүү жыйынтыгы менен толтурулат;
- өлчөө бирдиги - үтүрдөн кийин бир ондук белгиси менен миң сом.
- «анын катарында» деген түшүнүк көрсөткүчтөрдүн андан ары толук чечилинишин, ал эми «анын ичинен», «алардын ичинен» көрсөткүчтөрүнүн жарым-жартылай чечмелөөсүн билдирет.

## 1. ЭМГЕК

«Эмгек» аттуу 1-бөлүмдүн маалыматтары Кыргыз Республикасынын Улутстаткомдун 2005-жылдын 17-майындагы №11 токтому менен бекитилген «Жалданып иштеген жумушчулардын саны жана эмгек акы статистикасы жөнүндө» нускамага ылайык толтурулат.

**«Жумушчулардын орточо тизмелик саны (айкалыштырып иштегендерди кошпогондо)» 101-сапка** туруктуу, убактылуу, мезгилдүү же үй жумушуна эмгек келишими (контракт) менен кабыл алынган бардык жумушчулар кирет. Жумушчулардын тизмелик санына жумушка формалдуу түрдө бекитилген тараптар да кошулат. Мисалы, бала багуу боюнча өргүүдөгү аялдар, эмгек акы сакталбаган өргүүдөгү жумушчулар. Бир уюмда жарым, бир жарым же эки коюм менен иштеген жумушчу бир адам катары эсептелет. Жумушка башка уюмдан айкалыштырылып алынган адам же жарандык-укуктук мүнөздөгү келишим менен жумуш аткарган адам жумушчулардын тизмесинин санына кошулбайт.

Жумушчулардын жылдык орточо тизмелик саны отчеттук жылдын бардык айларындагы жумушчулардын орточо тизмелик сандарын кошуп, андан чыккан сумманы 12ге бөлүү жолу менен аныкталат. Жумушчулардын ар айдагы тизмелик саны айдын ар бир календарлык күнү үчүн (майрам жана дем алыш күндөрүн кошкондо) жумушчулардын тизмелик санын кошу жолу менен эсептелип чыгарылат, андан чыккан сумманы айдын календарлык күндөрдүн санына бөлүү менен эсептелет.

Эгерде, ишкана отчеттук мезгил ичинде толук эмес иштеген болсо (сезондук мүнөздөгү жумуш же ишке январдан кийин киргизилсе, ж.у.с.), анда жумушчулардын отчеттук мезгилдеги орточо тизмелик саны, ишкананын бардык иштеген айларындагы жумушчулардын орточо тизмелик санын кошуп, жана алынган сумманы отчеттук мезгилдеги

айлардын санына бөлүү жолу менен аныкталат. Жумушчулардын айлык орточо саны - апрелде 41 адамды, майда - 54, июнда - 66, июлда - 77, августта - 45 адамды түздү. Жумушчулардын жылдык орточо саны 24 адамды түздү, ((41+54+66+77+45):12).

**«Жарандык-укуктук мүнөздөгү келишим менен иш аткарган кызматкерлердин саны» 102-сапта** жарандык-укуктук мүнөздөгү келишим (подряддык келишимди кошкондо) менен иштеген жумушчулар эсептелет. Жыйынтыкталган келишимде жумуш аткарган кызматкерлердин орточо саны орто эсеп менен айлык жана отчеттук жылдык жумушчулардын орточо тизмесинин санын тактоо ыкмасы менен аныкталат. Бул кызматкерлер ар бир календердык күндө келишимдин мөөнөтү аяктагыча бир бирдик деп эсептелет. Эгерде тизменин курамындагы кызматкер ошол эле уюм менен жарандык-укуктук мүнөздөгү келишим түзсө, ал келишим менен жумуш аткарган жумушчулардын орточо санына киргизилбейт.

**Сырттан кошумча иштегендердин саны (103-сап)** иштеген убактысына жараша такталат. Ишкананын ичинде айкалыштырып иштөөдө катталган жумушчу 101-саптагы жумушчулардын санында бир адам катары эсептелет.

**«Акы төлөнбөгөн кызматкерлердин саны (жумуш берүүчүлөрдүн, алардын үй-бүлө мүчөлөрү)» 104-сапта** ишкана жеке менчик түрүндө болсо гана толтурулат. Бул сапта адамдын (ишканада алектенген) саны ишкананын ээси, жана жардамчылары, б.а. эч кандай келишимсиз же конракт түзбөстөн иштеген үй-бүлө мүчөлөрү көрсөтүлөт.

**«Орточо эмгек акыны эсептеп чыгаруу үчүн кабыл алынган жумушчулардын саны» 106-сапта** иштеген жана иштебеген убактысы үчүн эмгек акы төлөнгөн жумушчулардын саны (тизме жана тизмеден тышкаркы курамда) көрсөтүлөт. Бул санды аныктоо эрежеси орточо тизменин санын аныктагандай эле аныкталат. Эмгек келишимине (контрактка) ылайык толук эмес жумушчу күнүнө же жумасына бөлүнүп берилген убакытта иштеген адамдар иштеген убактысына жараша эсептелет. Мисалы, күнүнө 4 саат иштесе, анда ал ар бир жумушчу күнүндө 0,5 адам катары эсептелет.

**«Эмгек акы фонду» 107-сапта** *ишкананын бардык жумушчуларына,* б.а. тизмелик курамдагы кызматкерлерге, түзүлгөн келишим боюнча иштеген жумушчуларга жана сырткы айкалыштыруучуларга берилген эмгек акынын суммасы көрсөтүлөт. Эмгек акы фонду түздөн-түз эмгек акыдан, иштебеген мезгилде төлөнгөн акыдан, эмгек акыга киргизилген акчалай сыйлык жана демилге акыдан, накталай төлөмдөрдөн түзүлөт.

**«Түздөн-түз эмгек акы» 108-сапта** жумушчулардын нагыз аткарган жумушу менен тарифтик, кызматтык эмгек акы жана келишим менен бааланган эмгек акысы, аларга болгон үстөк жана кошумча акы, жөнгө салынып туруучу (кварталдык акчалай сыйлыктар) акчалай сыйлык жана сыйакы, иш тартибине жана эмгек шарттарына байланыштуу компенсациялык төлөмдөр көрсөтүлөт.

**«Иштебеген убактысы үчүн төлөмдөр» 109-сапта** жумушчулардын күнөөсү эмес жөнөкөй төлөмдөр, жылдык өргүүдөгү төлөм ж.б.у.с. көрсөтүлөт.

**«Акчалай сыйлык жана сыйлоолор» 110-сапта** бир жолу берилүүчү акчалай сыйлык жана сыйлоолор; жылдык иштин жыйынтыгы үчүн сый акы; бардык же көпчүлүк жумушчуларга берилүүчү материалдык жардам; жылдык өргүү учурунда берилүүчү кошумча төлөмдөр; пайдаланылбаган өргүү үчүн акчалай компенсация; бекер же жеңилдетип берилүүчү акциялардын наркы көрсөтүлөт.

**«Эмгек акы фонду» 107-сапта** көрсөтүлгөн сумма эмгек акыга киргизилген (турак жай акысы, коммуналдык кызмат көрсөтүү, отун, акчалай же накталай түрдөгү жумушчулардын тамак-ашы,) төлөмдөрдүн эсебинен 108-109-110-саптардагы суммадан көбүрөөк болушу мүмкүн.

**«Эмгек акыга киргизилбеген төлөмдөр» 111-сапта** төмөнкү чыгымдар көрсөтүлөт**:**

- жумушчулардын турак жайларын жакшыртууга (жумушчулар үчүн курулушка, турак жайларды алууга берилген материалдык жардам, субсидиялар);
- ден соолукту чыңдоо, маданий-агартуу ж.б. иш-чараларды өткөрүүгө;
- кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо (окуу өргүүлөрүн төлөө, окууга жолдомо алган студенттердин стипендиясы, окуу процессин уюштуруу чыгымдары ж.б.у.с.),
- эмгек акы фондуна которулган социалдык камсыздоонун бардык түрлөрүнө (социалдык, медициналык, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду ж.б.у.с.)
- ишкананын эсебинен каралган социалдык жөлөкпул (бошотуу алдындагы жүйөлүү жөлөкпул, өлүмгө, кырсыктарга байланыштуу материалдык жардамдар ж.б.);
- жумушчу күчүнүн бөлөк чыгымдары (кызматтык иш сапар учурундагы иш сапар чыгымдары (суткалык чыгымы менен), атайы даярдалган кийимдердин, атайын бут кийимдердин, самын жана башка жуучу каражаттардын, сүт жана дарылоочу-алдын алуучу тамак-аштардын наркы ж.б.у.с) көрсөтүлөт.

**«Эмгек акы фондуна социалдык камсыздоонун бардык түрүнөн которуу» 112-сапта** жумуш берүүчүлөрдүн (ишкана, мекеме жана уюмдардын) бекитилген мыйзам ченемдүүлүккө ылайык өз жумушчуларынын пайдасы үчүн эмгек акы фондуна (107-сапта көрсөтүлгөн) милдеттүү түрдө которуулары көрсөтүлөт.

**«Ишканалардын каражатынын эсебинен берилген социалдык жөлөк пулдар» 113-сабында** иш көлөмү кыскарганда же иш мүнөзү өзгөргөндө (ишканалар жоюлганда, адам саны, штаты кыскарганда ж.у.с), бошотулган жумушчуларга жөлөкпул же өндүрүштө жаракат алгандарга, пенсияга чыккандарга, жумушчулардын моралдык жактан зыян

тартуусуна компенсация, белгилүү окуялар болуп кеткенде берилүүчү материалдык жардам ж.у.с.

111-сапта көрсөтүлгөн сумма 112-113-саптагы суммага барабар же андан көбүрөөк болушу керек.

«Эмгек» бөлүмүндөгү 107-115-саптар боюнча көрсөтмөлөр үтүрдөн кийин бир ондук белги менен берилген миң сом түрүндө көрсөтүлөт.

**«Адамдардын иштеген сааттарынын саны»** аттуу **116-сапта** жылдык отчеттун ичинде уюмдун ишине байланыштуу негизги, ченемден ашык же айкалыштырып иштеген, ишкананын тизмесинин катарындагы жумушчулардын накта иштеген сааттары көрсөтүлөт. Жумушчулардын жылдык, кошумча, окуу жана башка өргүүлөрү, жөнөкөй, иштебеген, жумушка келбеген убакыттары кошулбайт.

# 2. ФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

## 2.1.1-бөлүм. Финансылык-чарбалык ишмердиктин жыйынтыктары

2.1.1. «Финансылык-чарбачылык ишмердиктин жыйынтыктары» бөлүмүнүн маалыматтары ишкана кабыл алган эсептөө саясатына ылайык, ушул нускамага, «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жобосуна, Кыргыз Республикасынын Финансылык рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу кызматынын отчеттуулук жана аудиттик «Финансылык отчеттуулукту тапшыруу жөнүндө» нускамага ылайык толтурулат.

**2001-сапта** продукцияларды жана товарларды сатуудан түшкөн акча, иш аткаруу жана кызмат көрсөтүү менен байланышкан түшүүлөр, ишкана (уюм) тарабынан кабыл алынган ишмердиктин күндөлүк түрлөрүнөн түшкөн киреше болуп эсептелинген, үчүнчү тараптар үчүн чарбалык операцияларды жүргүзүү менен байланышкан түшүүлөр (чарбалык ишмердиктин айрым фактыларына байланыштуу түшүүлөр) көрсөтүлөт.

Түшкөн акчанын суммасы акчалай түрдө баадан арзандатууларды (жарнамага байланыштуу жумуштар, бонустар, сконто, арзандатуулар ж.б.), ошондой эле сторнону кемитүү менен чагылдырылат. Ишканалар 2001-сапта түшкөн акчаларды салыктык максаттар үчүн эсептөө ыкмасына карабастан ошол суммада чагылдырышат.

Өзүнүн өндүргөн продукциясын сатуудан (жүгүртүүдөн) түшкөн акча төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин чегинде чыгарылган бардык буюмдарды сатып өткөрүүнүн жүгүртүүсү;
- четтен алынган комплектөөчү бөлүктөрдү колдонуу менен өндүрүлгөн өздүк буюмдарды сатуудан түшкөн акчанын бардыгы;
- кайра иштетилип бериле турган чийки затты иштетүүдө өндүрүлгөн товарларды сатуунун жүгүртүлүшү;

- өндүрүштүн калдыктарын (мисалы, металлдын калдыктары, чоюндун сыныктары, жүндүн ж.б. калдыктары) сатып өткөрүүдөн түшкөн акча;
- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин чегинде өз күчү менен чыгарылган жабдууларды же буюмдарды ижарага берүүдөн же лизингинен түшкөн акча;
- редакциялык жана басмакана ишинен түшкөн акча;
- кайра пайдалануучу иштетүү жүгүртүүсү.

Ондоо, техникалык кароо, монтаждоо ж.б.у.с. иштерден түшкөн акчанын ичинде ошол жумуштардын процессинде колдонулган материалдардан түшкөн акчаны эсепке алуу зарыл (мисалы, запастык бөлүктөр, шаймандар, көмөкчү жана майлоочу каражаттар).

Кайра сатуунун жүгүртүүсү - башка ишкана өндүргөн продукцияны сатуудан түшкөн акча, ал продукция, эреже катары, кандайдыр бир иштетүүсүз жана өзү өндүргөн буюмдар менен өндүрүштүк-техникалык байланышы жок кайра сатылат.

Кайра сатуу жүгүртүүсү деп, башка бирөөлөрдүн продукциясын эч кандай кайра иштетүүсүз жана жеке буюмдар менен өндүрүштүк-техникалык байланышсыз кайра сатуудагы сатып өткөрүү жүгүртүүсү эсептелет.

ФОЭС боюнча эсеп жүргүзүүчү ишканалар үчүн түшкөн акча товар сатуучунун менчигине өткөн отчеттук мезгилде тейлөө көрсөтүлүп, акчасы отчеттук мезгилдин кайсы бир мезгилинде төлөнгөндүгүнө карабастан, алынды деп эсептелет.

Геологиялык чалгындоо ишканалары өндүрүштүк геологиялык жана издөө иштеринин көлөмүн чагылдырат: жер астынын түзүмү жана мунайзат жайгашкан орду, жаратылыш газы жана минералдар, жер астынан чыгуучу суулар жөнүндө маалымат берүүчү үстүртөдөн өлчөөлөр жана байкоолор. Иштин көлөмүнө мунайзат, газ, катуу пайдалуу кендерди жана жер астындагы сууларды геология, геофизика, геохимия жана башка тармактарда жердин жана тоотек түзүлүшүн үйрөнүп билүү жолу менен илимий изилдөөлөр боюнча кеңеш берүү, геолог-мунайчылардын, геохимиктердин, жана башка геологдордун кызмат көрсөтүүлөрү кирет.

**2002-сапта** отчеттук мезгилде сатып өткөрүлгөн продукцияга, жумушка, кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу продукцияны, иштерди, үлүштөгү кызмат көрсөтүүнү өндүрүү чыгымдары, б.а. сатып өткөрүүдөн түшкөн акча жана сатып өткөрүүнүн өз наркы ошол эле продукциянын, товардын, иштин, кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнө карата эсептелиш керек.

Бул сапта соода ишмердигин жүргүзгөн уюмдар отчеттук мезгилде белгиленген сатуудан түшкөн акчаны, сатылган товардын наркын чагылдырышат.

Айыл чарба ишмердигин жүргүзгөн уюмдар биологиялык актив өндүрүүгө кеткен чыгымдарын жазышат.

**2003-сапта** отчеттук мезгилде чагылдырылган сатуудан түшкөн пайда, иштетилбей сатылып өткөрүлгөн товарлардын сатып алуу наркы көрсөтүлөт.

Эгерде соода ишканалары соода ишмердигинен башка ишмердиктин түрү менен алектенбеген болсо, 2002-сап менен 2003-саптын маанилери бирдей болуш керек.

**2004-сапта** ишканалардын *негизги ишмердигинен айырмаланган* операциялык ишмердигинин жыйынтыгынан алынган кирешелери көрсөтүлөт. Ага негизинен төмөнкүлөр кирет:

- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин алкагында өндүрүлбөгөн аспаптарды, завод жабдууларын жана жабдыктарын ижарага берүүдөн түшкөн акча;
- квартираларды (ишкана өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес максатта пайдалануучу турак үйлөрдө) ижарага берүүдөн түшкөн акча;
- патент сатуу жана лицензия берүүдөн түшкөн акча;
- комиссиондук түшүүлөр;
- тараптарга көрсөтүлүүчү транспорт кызмат көрсөтүүдөн түшкөн акча (транспорттук эмес ишканалар үчүн);
- персонал үчүн мекемелерден түшкөн акча (мисалы, ишкананын каражатынын эсебинен иштеп жаткан ашканадан);
- жеке айыл чарба продукциясын (айыл чарба ишканалары үчүн эмес) сатуудан түшкөн акча;
- кеңеш берүүчү жана пландуу ишмердүүлүктөн түшкөн акча;

**2006-сапта** ишкананын сатып өткөрүүдөн жана административдик чыгымдарынан айырмаланган башка өндүрүштүк операциялык чыгымдары чагылдырат.

**2007-сапта** өндүрүштүк ишканалардын даяр продукцияларды, товарларды сатып алуудагы, сактоодогу чыгымдары, отчеттук мезгилдеги кызмат көрсөтүү, сатып өткөрүү менен байланышкан негизги каражаттарды амортизациялоону кошулуп көрсөтүлөт. Соода ишмердигин жүргүзгөн уюмдар бул сапта жүгүртүү чыгымдарын чагылдырышат.

**2008-сапта** эмгек акы чыгымдары жана социалдык камсыздандыруу администрациясына которуулар, камсыздандыруу боюнча жалпы чыгымдар, негизги каражаттарды жана өндүрүштүк багыттагы материалдык эмес активдерди амортизациялоо, администрациянын иш сапарга баруу чыгымдары, кеңсе буюмдарына кеткен чыгымдар, аудиторлорго, юристтерге берилүүчү гонорарлар, өндүрүштүк эмес имараттарды жана кеңсе жабдууларын ижарага алуу чыгымдары, коммуналдык жана телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр жана башка продукциянын өндүрүшү жана кыймылы менен байланышпаган мезгил чыгашаларын билдирүүчү, бирок кирешени эсептегенде таасирин тийгизүүчү чыгымдарды өз алкагына алган жалпы жана административдик чыгымдар чагылдырылат.

**«Операциялык эмес кирешелер жана чыгашалар» 2011-сапта** ишкананын чарбачылык операциясынын жыйынтыгынан эмес, инвестициялык, финансылык ишмердиктин же ишканага көз карандысыз чарбачылык жашоонун белгилүү фактыларынын жыйынтыгынан чыккан киреше жана чыгашалары көрсөтүлөт. Бул беренелерде эсептелген кирешелер жана ушул кирешелерди алууга байланышкан чыгашалар 2012-саптан 2014-сапка жана 2019-саптан 2023-сапка чейин көрсөтүлөт.

**2012-сапта** акысыз, анын ичинде тартуулоо келишими менен алынган киреше жана активдер көрсөтүлөт.

**2013-сапта** пайыздык келишимдерге ылайык эсептелген суммадагы кирешелер көрсөтүлөт: облигациялар, анын ичинде мамлекеттик, банктардагы депозиттер; акча каражаттарын уюмдарга пайдаланууга берүүдөгү кирешелер; насыя уюмдарындагы ишкананын эсебиндеги акча каражаттарын ошол эле насыя уюмдарынын пайдаланышы.

**2014-сапта** келишимдерге ылайык эсептелген суммадагы чыгашалар, ишкана уюмдарга акча каражаттарын (насыя, зайым) пайдаланууга берүү үчүн чыгарган облигацияларга төлөө, бюджеттик жана башка уюмдар берген ссудаларга пайыздар, өкмөттүн кепилдигисиз алынган чет өлкөлүк насыялардын пайыздары кошулуп көрсөтүлөт.

**2019-сапта** акча каражаттарынан, товарлардан, продукциялардан айырмаланган негизги каражаттарды жана башка активдерди сатууга, чыгарууга жана эсептен чыгарууга байланышкан алуу үчүн аныкталган келишимдин шарттарына ылайык эсептелген кирешелердин суммасы чагылдырылат. Бул беренелерден чыккан кирешелер же операциянын жыйынтыгынан жаралган чыгымдар сальдо түрүндө берилет.

**2020-сапта** отчеттук мезгилде ишкананын операциясыз ишмердигинен келип чыккан чет өлкөлүк валюталардын операцияларынын курстук айырмалары чагылдырылат.

**2021-сапта** доонун эскиришинин мөөнөтү аяктаган насыялык жана депоненттик карыздарды эсептен чыгаруунун жыйынтыгынан алынган кирешелер көрсөтүлөт.

**2022-сапта** шектүү жана үмүтсүз карыздардын булагын түзүүгө кеткен чыгымдар берилет. Ишкананын продукция, товар, жумуш жана кызмат көрсөтүү үчүн бекитилген келишимде мөөнөтүндө төлөнбөгөн, тиешелүү кепилдик менен камсыздандырылбаган дебитордук карызы шектүү карыз деп эсептелет. Булак шектүү карыздын суммасына кошумча нарк салыгын кошуу менен калыптанат.

**2023-сапта** төлөмдөрдүн токтом чыгарылган же таанылган айыптары, туумдары, үстөк айыбы жана башка айыл чарба келишимдерин бузуудагы санкциянын түрлөрү үчүн (сальдолонгон) кирешелер, айыл чарба келишимдерин бузууга байланыштуу келтирилген чыгашанын ордун жабууга эсептелген сумма жана 2012-саптан 2022-сапта көрсөтүлбөгөн жана башка операциясыз киреше жана чыгашалар чагылдырылат.

**«Өзгөчө пайда (чыгым (-))» 2025-сапта** адаттагы операциялардан айырмаланган, тез жана үзгүлтүксүз кайталанбаган беренелер киргизилет. Бул жаратылыш кырсыктарынын же мамлекеттик кийлигишүүнүн жыйынтыгынан келип чыккан беренелер болушу мүмкүн:

- жаратылыш кырсыктарынан, өрттөн, жол кырсыгынан жана башка өзгөчө кырдаалдардан уюм ала турган (алган) башка чыгаша булактарынын ордун жабуу жана чыгашанын ордун толтуруу камсыздандыруусунун суммасы;
- жараксыз жана калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес активдердин эсептен чыгарылган материалдык баалуулуктарынын наркы;
- жаңы мыйзамды ишке киргизүүнүн жыйынтыгынан пайда болгон киреше жана чыгашалар;
- мамлекеттик менчикти экспроприациялоо;
- жараксыз жана калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес негизги каражаттардын объекттеринин ж.б. өрттөн, жол кырсыгынан, жаратылыш кырсыктарынан жана башка өзгөчө кырдаалдардан жараксыз деп эсептелинген чыгымдардын жоготулган материалдык-өндүрүштүк баалуулуктарынын наркы.

**«Маалымдама» бөлүмү**

**«Өздүк ишканалардагы отчеттук жыл ичинде өндүрүлгөн (капитализацияланган продукция) негизги каражаттардын наркы» 2030-сапта** чарбалык жыл ичинде жеке күч менен даярдалган же салынган негизги каражаттардын эсебиндеги ишке киргизилген нарктын жогорулашын көрсөтүү керек. Жеке пайдалануу үчүн өндүрүлгөн негизги каражаттар (продукция) базистик баалар (ошондой продукциянын баасында же базарда сатыла турган баада) менен бааланат. Бул мүмкүн болбой турган болсо, нарк өндүрүштүк чыгымдарга карата бааланат.

**«Ишмердиктин түрлөрү боюнча сатып өткөрүүлөрдөн түшкөн акчаны бөлүштүрүү» 2.1.2-бөлүмдүн** 1-графасындагы «Продукцияны, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү өткөрүүдөн түшкөн акча» 2001-саптагы ишмердиктин түрү чечмеленет. Ишмердүүлүктүн көптөгөн түрлөрүнөн тапкан пайда жана кирешелери бар көп тармактуу ишканалар аларды 2051-саптан 2077-сапка чейин чагылдырышат. Экономика ишмердүүлүгүнүн кандайдыр бир түрүнүн түшкөн акчасы боюнча кыйынчылыктар жаралса, райондук мамлекеттик статистика кызматтарына кайрылуу керек.

**2051-сапта** дыйканчылык жана мал чарбачылык тармагындагы продукцияны сатып өткөрүүгө түшүүлөр, мал доктурдун кызматынан башка дыйканчылык жана мал чарбачылык тармагындагы кызмат көрсөтүүлөр: сугат жана кургатуу системдерин ишке киргизүү, айыл чарбасын суу менен камсыздандырууну ишке киргизүү, жер иштетүү жана айдоо кызмат көрсөтүүлөрү, түшүм жыйноо, агрохимия кызматтары ж.б.у.с. сатуудан түшүүлөр чагылдырылат. Тамак даярдоо үчүн жаныбарларга аңчылык кылуу, кармоо, тыбыт өндүрүү, жапайы

жандыктарды төлдөтүү, селекциялоо жана коммерциялык максатта аңчылык менен кармоону өнүктүрүү кызматташуу кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр да кирет.

Токой чарбачылыгынын түшүүлөрүнө курулуш жыгачтарын, жаңы жылдык балатыларды, иштетилбеген жыгачтарды (тирөөч жыгачтар, түркүктөргө устундар, ийнелүүлөр, жыгач отундар), табигый чайыр, ийлөө заттарын, жапайы өсүмдүктөрдү жана жыгач эмес продукттарды өстүрүү, чогултуу жана сатып өткөрүү, токой чарбачылыгынын жана жыгач даярдоо тармагынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн: токойду таксациялоо, топурак изилдөөлөрү, тигилүүчү материалдарды көзөмөлдөө, токойлорду авиациялык коргоо, өрттөн сактоо ж.б. кирет.

**2052-сапта** ички сууларда балык уулоо; балыкты алгачкы иштетүү; балык уулоо менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөр (балык коргоо жана балык күзөтүү); балык өстүрүү жана балыктарды климатташтыруу; балык өстүрүүнү жакшыртуу иштери чагылдырылат.

**2053-сапта** жаратылышта кездешүүчү катуу тектердин (көмүр жана кен) түрүнөн, суюк түрүнөн (мунайзат) же газ түрүндөгү (жаратылыш газы) минералдардан түшкөн киреше, сатып өткөрүүгө чийки заттарды даярдоо менен байланышкан: жаруу, майдалоо, кургатуу, сорттоо, байытуу, агломерация, мунайзатты суусуздандыруу жана башка пайдалуу кендерди казып алуудагы: курулуш үчүн таш (ташты жаруу, майдалоону кошкондо), акиташ, гипс, бор, топурак, туз ж.б.у.с. түшкөн киреше көрсөтүлөт.

**2054-сапта** жеке өндүрүлгөн өнөр жай продукциясын сатып өткөрүүдөн түшкөн акча кирет. Жумуш механикалык машина менен же колго иштетүү менен аткарылгандыгына, фабрикада же үйдө жасалгандыгына, продукция чекене же дүңүнөн сатылгандыгына карабастан, иштетүү өнөр жайы материалдардын же компоненттердин физикалык же химиялык жаңы продуктуга айланышына карата аныкталат.

**2055-сапка** туруктуу тармактар - кабелдер, түтүк өткөргүчтөр, суу түтүктөрү аркылуу өткөн электр энергия, газ, ысык суу, бууну (кондицияланган аба) өндүрүү жана бөлүштүрүүдөн түшкөн киреше кирет.

**2056-сапка** айыл чарбасындагы сугат иштерин кошпогондо үй чарбаларынын, өнөр жай, коммерциялык жана башка пайдалануучулардын арасынан жаратылыш (ичүүгө жарактуу жана ичүүгө жараксыз) суусун чогултуу, иштетүү, бөлүштүрүүдөн түшкөн кирешелери кирет. Үй чарба же өнөр жай ишканаларынын калдыктарын кайра иштетүү үчүн эмес, жоготуу, көчөлөрдү тазалоо, канализациялык системдерди тазалоо жана техникалык кызмат көрсөтүү үчүн иштетүүдөн түшүүлөр кирет. Таштандыларды, курулуш таштандыларын ж.б.у.с. чыгаруу. Коопсуз жана кооптуу таштандыларды иштетүү жана жоготуу. Кайра пайдалануучу чийки затты алууга металл жана металл эмес

калдыктарды, сыныктарды ж.б.у.с. кайра пайдалануучу чийки материалды алуу максатында иштетүү кирет.

**2057-сапка** жаңы курулуштарды, кайра жабдуу, реконструкция, капиталдык жана кезектеги оңдоо жүргүзүүдөн түшкөн киреше: коомдук иштер, атайын курулуш иштери, жарандык турак жай объектилери, имараттарды жасалгалоо иштери, ж.б.у.с. кирет.

**2058-сапта** жаңы жана мурда пайдаланылган: транспорт каражаттары, автоунаалардын, мотоциклдердин, мопеддердин, мотороллелердин, велосипеддердин бардык бөлүктөрүнүн, компоненттеринин жана шаймандарынын түрлөрү, алар үчүн бөлүктөр, шаймандар, мотор майлары (күйүүчү май, мотор бензини, газолин, бензин, суюк мунайзат газы); майлоочу материалдар жана муздатуучу каражаттар, тамак-аш продуктулары, суусундуктар, тамекилер, фармацевтикалык товарлар, кездемелер, кийимдер, бут кийимдер, эмеректер, тиричилик электр товарлары, радио-телеаппаратуралар, музыкалык аспаптар жана партитуралар, темирден жасалган буюмдар, лакталып боелгон материалдар жана айнектер, китептер, гезиттер, жазуучу кагаз буюмдар, фотографиялык, оптикалык жана так жабдуулар, килемдер, сааттар, зер буюмдары, спорт жана туризм товарлары ж.б.у.с. дүң жана чекене сатуудан түшкөн акча чагылдырылат.

**2059-сапта** автоунаа жана мотоцикл, автоунаалардын тетиктеринин, түйүндөрүнүн жана шаймандарынын соода жүгүртүүсүнөн түшкөн пайда кирет.

**2060-сапта** автоунааларды техникалык жактан тейлөө жана оңдоодон түшкөн түшүүлөр көрсөтүлөт: механикалык оңдоо, кыймылдаткычтарды оңдоо, электр жабдыктарын оңдоо, күнүмдүк тейлөө, кузов оңдоо, бөлүктөрүн оңдоо, жуу, жылмалоо, боёо, оңдоо, шамалдатуучу айнек жана терезелер, автокапкак жана камералар, коррозияга каршы коргонуу, буксировканы орнотуу же алмаштыруу.

**2061-сапка** чийки заттардын, материалдардын, товарлардын, даяр продукциялардын, электр энергиясынын ченемден ашык жоготууларынын наркы чагылдырылат.

**2062-сапта** 2059-сапта көрсөтүлгөндөн башка товарлардын бардык түрлөрүн дүң сатуудан түшүүлөр чагылдырылат.

**2063-сапта** мотор майын (күйүүчү, мотор бензинин, газолинди, бензинди, суюк мунай газын) чекене сатуунун жүгүртүүсүнөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2064-сапта** автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан башка чекене сооданын жүгүртүлүшүнөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2065-сапта** мотель, отель, мейманкана, конок үйү, туристтик база жана лагерлер, үйлөрдө (алачыктарда) жана батирлерде, кемпингдерде ж.б.у.с. кыска мөөнөткө жашап турууга берилүүчү орундардан түшкөн түшүүлөр кирет.

**2066-сапка** колдонууга даяр тамактарды сатуудан түшүүлөр кирет, эң негизгиси, бир эле убакта тамак ичүү менен кошо суусундуктарды саткан жерде.

**2067-сапта** иш тартибине баш ийүүчү же баш ийбөөчү жүргүнчү ташуу, темир жол, түтүк өткөрүүчү, автомобиль, суу же аба транспорту менен ташуу жүргүзүүдөн; терминал жана туруучу жайлардын кызмат көрсөтүүсүнөн (темир жол, автобус станциялары), жүктөрдү сактоо жана транспорттук иштетүү, ж.б. жардамчы транспорттук ишмердиктен; жүк ташуу уюмдарынан түшкөн киреше чагылдырылат.

**2068-сапта** кинофильмдерди, видео, телекөрсөтүү жана радио уктуруу программаларын, үн жазуу, басмакана ишмердиги, китеп, журналдарды жана мезгилдүү басылмаларды, даректик китептерди жана башка басылмаларды (полиграфиялык ишмердиктен башка) басып чыгаруу, анын ичинде фотографиялар, гравюра, календарларды, афишаларды, искусство чыгармаларын көчүрүү, ж.б.у.с. киностудиялар, видео салондор, кинотеатрлар, радио жана телекөрсөтүүлөр алган программалык камсыздандырууларды (жеке колдонуучуларга ылайыкташылбаган) жүргүзүүдөн түшкөн киреше көрсөтүлөт.

**2069-сапта** почта жана чабарман ишмердигинен, электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2070-сапта** эсептөө техникасынын аппараттык каражаттары боюнча кеңеш берүүдөн түшкөн түшүүлөр, ушул эле тармактагы программдык камсыздандырууну иштеп чыгуу жана кеңеш берүү, маалыматтык иштеп чыгуу тейлөөлөрү, маалымат базасына, Web-порталга (Интернет), маалыматтык агенттиктер менен байланышкан түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2071-сапка** финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу ишмердиги боюнча акча каражаттарын алуу жана кайра бөлүштүрүү менен байланышкан жана камсыздандыруу чөйрөсүнүн тейлөө көлөмү чагылдырылат.

**2072-сапка** сый акы же келишимдин негизинде жеке жана ижарага алынган кыймылсыз мүлк операцияларынан: кыймылсыз мүлктү сатууга даярдык, сатып алуу, сатуу же кыймылсыз мүлктү ижарага берүү үчүн ортомчулардын кызматы, ижарага берүү; кыймылсыз мүлктү башкаруудан түшкөн түшүүлөр кирет.

**2073-сапта** фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдөн, табигый жана техникалык илим тармагындагы коомдук жана гуманитардык илимдерден түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2074-сапта** жактоочулардын, сот аткаруучулардын, калыстар жана арбитрлардын, нотариалдык ишмердиктин юридикалык кеңеш берүүсүнөн түшкөн кирешелер, бухгалтердик эсеп жана аудит (кеңеш берүү) тармагынын ишмердигинен, коммерциялык жана башкаруу ишмердиги боюнча кеңеш берүү, архитектура, курулуш долбоорлору жана техникалык сыноо тармагында кеңеш берүү, инженердик жана

техникалык ишмердик, инженерлердин, менеджерлердин кеңеш берүү ишмердиги, геологиялык чалгындоо жана изилдөө жүргүзүү ишмердиги, геодезиялык изилдөө иштери, жерге жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, зыянсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер көрсөтүлөт.

**2075-сапка** жарнамалык ишмердиктен, ММК ишмердигинин жарнамалык кызмат көрсөтүүсүнөн, базар конъюнктурасын изилдөө жана коомдун пикирин билүүдөн, гидрометеорологиялык жумуштардан, атайылаштырылган дизайнердик ишмердиктен, фотография ишмердигинен, котормо кызмат көрсөтүүлөрүнөн, мал доктур ишмердигинен түшкөн түшүүлөр кирет.

**2076-сапта** автотранспорт каражаттарын, машина жана жабдууларды ижарага берүү, эс алуу, спорт жана тиричилик товарларын (кийимдер, бут кийимдер, эмеректер, эс алуу жана көңүл ачуу үчүн шаймандар, театралдык жасалгалар жана костюмдар, велосипеддер, шезлонг жана чатырчалар (жээк чатырчаларын кошкондо) жана башка спорт товарлары ж.б.у.с.) кирееге (ижарага) алуудан түшкөн киреше, жумушчу күчүн жалдоо жана жумушчуларды тандоо кызматы, тергөө жүргүзүү жана коопсуздукту камсыз кылуу, менчик коргоочулар жана менчик коргоо бюросу, имараттардын бардык түрлөрүн тазалоо жана иреттөө, ландшафтты өзгөртүү, телефондук маалымат борборлору, катчылык кызмат, таңгактоо (ар түрдүү товарларды, белек таңгактарын, фармацевтикалык товарларды өлчөп ороо ж.б.у.с.) кызматы, операциялык лизингден, кадрларды тандоо агенттиктеринен түшкөн киреше көрсөтүлөт. Туристтик агенттиктердин жана туроператорлордун ишмердиги, туризм тармагындагы ээлеп коюу жана башка ишмердик, сейилдөөчү кемелер, каноэ жана жел кайыктар;

**2077-сапта** билим берүү кызмат көрсөтүүсү, мамлекеттик, жана бардык деңгээлдеги менчик билим берүү, ар түрдүү кесипке окутуу, күндүзгү жана сырттан окуу, радио жана теле көрсөтүү боюнча кирешелер көрсөтүлөт.

**2078-сапта** саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөөдөн түшкөн киреше көрсөтүлөт.

**2079-сапта** эс алууну, маданий жана спорттук иш-чараларды, анын ичинде кечелерди уюштуруу жана өткөрүү ишмердиги, музейлерди, оюн залдарын, спорт курулуштарын башкаруу жана ишке киргизүү боюнча кирешелер киргизилет. Театрлар, эс алуучу жана оюн-зоок сейил бактары, цирк, бий залдары, бий мектептери, китепканалар, архивдер, музейлер, ботаникалык бактар, зоопарктар, жаратылыш коруктары, сүзүүчү бассейндер, стадиондордон түшкөн кирешелер, лотереялык билеттерди сатуудан, казино, спорт аянттары, ипподромдор, күлүк жана чабылуучу аттарды багуучу атканалардын кирешелери көрсөтүлөт.

**2080-сапта** электр жабдыктарын, анын ичинде компьютер, жеке колдонулуучу буюмдар менен тиричилик товарларын: сааттарды, зер

буюмдарын, тиричилик техникасын, булгаарыдан жасалган бут кийим жана башка буюмдарды ондоодон, кийимдерди, тиричилик эмеректерин, велосипеддерди, зымсыз телефондорду ондоо, пианинону күүлөөдөн ж.б.у.с. ондоодон түшкөн киреше жазылат.

Жеке пайдалануу үчүн көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдөн: кир жуу, үтүктөө, кийимдин бардык түрлөрүн, килемдерди, көшөгөлөрдү жана пардаларды кургак тазалоо, жуу жана жеткирүү, химиялык тазалоо жана боёо, чач тарач, сулуулук салону, өлүктү көмүү үрп-адаты жана ага байланышкан кызмат көрсөтүүлөр, физикалык ыңгайлуулукту камсыз кылуу үчүн фитнес-клубдар, мончолор, сауналар, солярийлер, салмакты жана тулку бойду коррекциялоо үчүн салондор, укалоочу салондор, дене тарбия борборлору, коомдук ажатканалардын, унаа токтоочу жайлардын жана башкалардын ишмердигинен түшкөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**2081-сапта** «өндүрүштүк запастарды сатуудан түшкөн акча», б.а. чийки зат, материалдар, отундар, алынуучу жарым фабрикаттар жана топтолуучу буюмдар, идиштер, курулуш материалдары жана башка жүгүртүү каражатына байланышкан даяр продукциядан башка материалдык баалуулуктар, алып сатуучу жана өндүрүлүп бүтө элек товарлар көрсөтүлөт.

Эгер ишкана 2081-сапты толтурган болсо, тиешелүүлүгүнө жараша 2002- жана 2003-саптар да толтурулушу керек.

## 2.2-бөлүм. Активдер, милдеттенмелер жана капитал. Товардык-материалдык баалуулуктардын запастары.

**«Жүгүртүү активдери» 2101-сабында** отчеттук күндөн тартып он эки айдын ичинде ишканалардын (уюмдардын) ченемдүү операциялык циклынын жүрүшүндө сатууга же пайдаланууга болжонгон активдер чагылдырылат. (Төмөнкүлөр камтылат: Кыска мөөнөттүү инвестициялар, алууга эсептер, башка операциялар боюнча дебитордук карыз, уставдык капиталга төгүмдөр боюнча уюмдаштыруу катышуучуларынын карызы, камдыктар, берилген аванстар жана башка жүгүртүү активдери).

**«Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери» 2102-сапта** банктардын кассасындагы жана эсептериндеги акча каражаттары, валюталык эсеп, баалуу кагаздар, салымдар, ишкананын кассасында болгон акчалай документтер жана башка акчалай эквиваленттер (почта маркалары, вексель маркалары, төлөнгөн авиациялык билеттер, эс алуу үйлөрүнө жана санаторийлерге төлөнгөн жолдомолор) көрсөтүлөт.

**2103, 2104, 2105-саптар боюнча** Кыргыз Республикасынын жана жана чет өлкөлөрдүн банк эсептериндеги улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттарынын бар болгондугу жана кыймылы көрсөтүлөт.

**2108-сапта** ишкана тарабынан берилген кыска мөөнөттүү (бир жылдан ашык эмес мөөнөткө) кредиттер жана зайымдар, ошондой эле анын депозиттик салымдары.

**2109-сапта** резидент эместерге берилген кредиттер, зайымдар жана депозиттик салымдар көрсөтүлөт.

***Резиденттер* болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган, анын ичинде Кыргыз Республикасынын сыртында бир жылдан аз убактылуу болгон жеке адамдар. Чет өлкөлүк дипломатиялык жана башка өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлерин эсептебегенде, эгерде Кыргыз Республикасында жашаган же бир жылдан ашык убакыт жашаганы жаткан болсо, анда чет өлкөлүк жеке адамдар Кыргыз Республикасынын резиденти болуп эсептелет;
- Кыргыз Республикасында жайгашып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн юридикалык жактар;
- Кыргыз Республикасында жайгашып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн чет өлкөлүк жактардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү.

***Резидент эместер*** - Кыргыз Республикасында жайгашкан чет өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын дипломатиялык жана башка өкүлчүлүктөрүн кошкондо, резидент эмес адамдар.

**«Запастар» 2111-сапта (жылдык) жана 2110 (кварталдык)** өндүрүштө, ишти аткарууда жана кызмат көрсөтүүдө ишканага тийиштүү болгон сатып өткөрүү үчүн товардык-материалдык запастардын болгондугу жана кыймылы чагылдырылат.

**«Кайра сатылуучу товарлар» 2112-сапта (жылдык) жана 2111 (кварталдык)** ишкана тарабынан атайын кайра сатуу үчүн алынган товарлардын калдыгынын наркы товарларды колдонулуп келген эсептөө ыкмасынын сатуу наркына карабастан көрсөтүлөт.

**«Өндүрүштүк запастар» 2113-сапта (жылдык) жана 2112 (кварталдык)** Бухгалтердик эсеп жана ишкананын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү боюнча жобого ылайык, өндүрүштүк запастарга байланышкан чийки заттардын, негизги материалдардын, сатылып алынган жарым фабрикаттар менен комплектөөчү буюмдардын жана башка материалдык баалуулуктардын запастарынын анык калдыгы көрсөтүлөт. Мисалы, курулуш уюмдары курулуш материалдарынын запастарын өндүрүштүк запастардын тобуна киргизсе, өнөр жай жана соода ишканалары аларды жардамчы материалдар деп көрсөтүшөт.

Айыл чарба ишканалары уруктун, айдап-себүүчү материалдардын жана жемдердин (сатылып алынган жана жеке өндүрүлгөн); минералдык жер семирткичтердин; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, жаныбарлардын ж.б. ооруларына каршы күрөшүү үчүн пайдалануучу уулуу химикаттар, биопрепараттар, медикаменттер жана химикаттардын баасын көрсөтөт.

Илимий уюмдар конкреттүү теманы аткарууда керек болгон атайын жабдуулардын калдыктарын өндүрүштүк запастардын курамына киргизишет.

**«Бүтүрүлө элек өндүрүш» 2114-сапта (жылдык) жана 2113 (кварталдык)** өндүрүлүп бүтө элек продукция жана бүтө элек иштер

(кызмат көрсөтүүлөр) боюнча чыгымдар көрсөтүлөт. Муну менен өндүрүлүп бүтө элек продукция, жеке өндүрүлгөн жарым фабрикаттар (буюмдар, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр) нагыз өздүк наркта бааланат.

Илимий уюмдар бул беренеге өндүрүшкө берилген атайын жабдуулардын баасын, илимий уюмдардын бүтө элек иштери боюнча аткарылган этаптарын киргизет. Бул беренеге жылдын аягына карата бүтпөгөн ондоо иштери боюнча чыгымдар да чагылдырылат.

Уюмдаштыруу документтерине ылайык соода, камсыздандыруу жана башка ортомчу ишмердигин жүргүзгөн уюмдардагы товарлардын отчеттук жылдын аягындагы ишке ашпаган калдыктардын жүгүртүү чыгымдарынын суммасы «бүтүрүлө элек өндүрүш» беренесине киргизилет.

Айыл чарбасындагы бүтүрүлө элек өндүрүш - айыл чарба өндүрүшүнүн өсүү баскычындагы же ушул эле айыл чарбадагы белгилүү бир аягына чейин бүтпөгөн продукция; көмөкчү айыл чарбасынын бүтүрүлө элек өндүрүшүнө кирет. Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө бүтүрүлө элек өндүрүштүн наркын эсептеп чыгууда күздүк себүү, жаздык себүүгө буу жана тондурма жерлерди иштетип чыгуу, семирткичтерди себүү, ж.б.у.с. кеткен чыгымдар киргизилет, мал чарбачылыгында - төлдүн наркы, жумушчу малдын көбөйүшү кирет.

**«Даяр продукциясы» 2115-сапта (жылдык) жана 2114 (кварталдык)** сыноо жана өткөрүп алуудан өткөн, тапшырык берүүчүлөр менен келишимдин шарттарына ылайык бардык бөлүктөрү чогултулган жана техникалык шарттар менен үлгүгө туура келген өндүрүштөгү бүткөн буюмдардын калдыктарынын анык өндүрүштүк өздүк наркы көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген продукция жана тапшырылбаган иштер бүтүрүлө элек деп эсептелет жана бүтүрүлө элек өндүрүштүн курамында көрсөтүлөт.

**«Көмөкчү материалдардын запастары» 2116-сапта (жылдык) жана 2115 (кварталдык)** отундун, запастык бөлүктөрдүн, курулуш материалдарынын, арзан баалуу жана тез эскирип кетүүчү буюмдардын, башка материалдардын запастары көрсөтүлөт.

**2120-сабында (жылдык) «Жүгүртүүдөн тышкары активдерде»** өндүрүштө пайдалануу, ижарага берүү үчүн, административдик максаттар үчүн ишканаларда болгон активдер чагылдырылат жана бир жылдан көп аралыкта пайдаланууга болжонот. (Төмөнкүлөр камтылат: Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин тендемдик наркы, кыймылсыз мүлккө инвестициялар, кийинкиге жылдырылган салыктык талаптар, пайдаланууга чектелген акча каражаттары, узак мөөнөттүү дебитордук карыз, инвестициялар жана башка активдер.)

**2121-сапта (жылдык)** ишкана тарабынан берилген узак мөөнөттүү (бир жылдан ашык мөөнөткө) насыялар жана зайымдар көрсөтүлөт.

**«Милдеттенмелер» 2130 сабына** жөнгө салуу экономикалык пайданы камтыган ресурстардын ишканасынан чыгууга алып келген

өткөн мезгилдердеги окуялардан пайда болгон ишкананын учурдагы карызы камтылат. Милдеттенме жабуу мөөнөтү боюнча кыска мөөнөттүү (учурдагы) жана узак мөөнөттүү болуп классификацияланат.

**«Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер» 2131 сабында** насыя берүүчүнүн талабы боюнча төлөөгө тийиштүү милдеттенме жана отчёттук күндөн тартып бир жылдын ичинде жабыла турган узак мөөнөттүү милдеттенменин бөлүгү чагылдырылат. (Төмөнкүлөр кирет: товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө эсеби, алынган аванстар, кыска мөөнөттүү карыз милдеттенмелер, төлөө салыктары, кыска мөөнөттүү кошуп эсептелген милдеттенмелер, резервдер жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер).

**2132-сапта «Төлөөгө эсептер»** товарлар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр үчүн аларды алып келүүчүлөргө карыз, бюджетке карыз жана башка насыя берүүчүлөргө отчеттук күндөн тартып бир жылдын аралыгында төлөнүүсү күтүлгөн карыздар чагылдырылат.

**2135-сапта «Алынган аванстар»** кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды жеткирүү келишими боюнча сатып алуучулардан жана буйрутма берүүчүлөрдөн алдын ала төлөөлөрдү алууда пайда болгон кыска мөөнөттүү милдеттенмелер чагылдырылат.

**«Банк насыялары жана зайымдар боюнча кыска мөөнөттүү карыз милдеттенмелери» 2136-сапта** ишкана тарабынан банктардан зайым, же насыя келишими боюнча алынган, төлөп бүтүү мөөнөтү бир жылдан ашпаган, ошондой эле банктын насыялары боюнча узак мөөнөттүү милдеттенмелердин отчеттук датадан тартып бир жылдын ичинде төлөп бүтүүсү күтүлгөн учурдагы бөлүгүнүн акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

**2137-сапта «Банк насыялары жана зайымдары боюнча кыска мөөнөттүү карыздык милдеттенмелер»** ишкана тарабынан зайымдык, же насыялык келишим боюнча банктык эмес финансылык-насыялык уюмдардан (юридикалык жана физикалык жактар) алынган, төлөө мөөнөтү бир жылдан ашпаган акча каражаттарынын суммасы, ошондой эле, төлөнүүсү отчеттук күндөн тартып бир жыл аралыгында күтүлгөн банктык эмес насыялардын жана зайымдардын учурдагы бөлүгү көрсөтүлөт.

**«Узак мөөнөттүү милдеттенмелер» 2141 сабында** отчеттук күндөн тартып бир жылдан көп төлөө мөөнөтү менен милдеттенмелер көрсөтүлөт. (Төмөнкүлөрдү камтыйт: мөөнөтү кийинкиге жылдырылган кирешелер, мөөнөтү кийинкиге жылдырылган салыктык милдеттенмелер жана башка узак мөөнөттүү милдеттенмелер).

**2142 жана 2143-саптарда** ишкана тарабынан банктык жана банктык эмес насыялар жана зайымдар боюнча алынган, төлөө мөөнөтү бир жылдан ашкан акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

**«Уставдык капитал» 2151-сапта** уюмдаштыруучунун салымынын көлөмү же чет өлкөлүк органдар каттоого алган эмиссиянын көлөмү чагылдырылат.

**2152-2154-саптарда** жеке жана чет өлкөлүк юридикалык тараптардын мамлекеттин уставдык капиталындагы катышуу үлүшүн белгилеп коюу керек.

**2155-сапта «Орнотулуучу жабдуу»** монтажды талап кылган жана орнотууну талап кылган технологиялык, энергетикалык, өндүрүштүк жана башка жабдуулардын наркы көрсөтүлөт. Орнотулуучу жабдуунун наркы сатып алуунун факт түрүндөгү өздүк наркы менен аныкталып, сатып алуу баасын жана бул жабдууну сатып алуу жана жеткирүү чыгымдарын каамтыйт.

## 2.3-бөлүм. Продукцияларды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгымдар

Бул бөлүмдө отчеттук жылдагы продукцияларды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

**2220-сапта** отчеттук мезгилде сырттан, башка юридикалык жана жеке жактардан алмашуу келишими, товардык насыя, же төлөөсүз алынган жана кирешеге алынган материалдык баалуулуктардын баасы отчеттук мезгилде алардын канча бөлүгү өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарга пайдаланылганына (чыгымдалганына), же складда калдыктар катары калгандыгынан көз карандысыздыкта көрсөтүлөт, башкача айтканда төмөнкүлөрдү сатып алуу чыгымдары:

- товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө арналган жана алардын негизин түзгөн, же товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүдө, жеке кулинардык продукцияны (тамактарды, нан азыктарын, чала фабрикаттарды) даярдоодо зарыл болгон чийки зат жана материалдар;
- уюмда монтаждалуучу жана (же) кошумча иштетилүүчү чыгарылуучу продукцияны комплекттөөгө арналып сатып алынган чала фабрикаттар, комплекттөөчү буюмдар (конструкциялар жана деталдар);
- продукцияны, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүдө пайдаланууга арналган минералдык жана органикалык жер семирткичтер, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды, тоюттарды, үрөндү жана тигилүүчү материалды коргоо каражаттары, чарбалык буюмдар;
- товарларды өндүрүүдө (даярдап чыгарууда), иштерди аткарууда, кызматтарды көрсөтүүдө технологиялык процессти, иштеп чыгарылган жана (же) сатылуучу товарларды таңгактоо үчүн тараны, тара үчүн материалдарды (сатууга даярдоону кошкондо) камсыз кылууга арналган жардамчы материалдар;
- жабдууларды, машиналарды жана механизмдерди, ондоого жана аларды жумушчу абалда кармап турууга арналган запастык бөлүктөр

жана чыгымдалуучу материалдар; куралдар, аспаптар, инвентарь, приборлор, лабораториялык жабдуулар;

- товарларды өндүрүүдө, иштерди аткарууда, кызматтарды көрсөтүүдө пайдаланууга арналган атайы кийимдер, атайы жабдыктар жана башка ушуга окшош мүлктөр; башка өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарга арналган (жумушчуларды канцелярдык товарлар, бланктар, нускамалар менен камсыз кылуу, кассалык чарбаны алып баруу), коомдук тамактануу ишканаларындагы кардарларды тейлөө (дасторкондор, тамактануу аспаптары, идиштер, чачыктар), сыноолорду жүргүзүү, негизги каражаттарды көзөмөлдөө, кармоо жана иштетүү жана ушуга окшош максаттар) ж.б.

Сатып алынган энергияны (электрдик, жылуулук), сууну жиберүүнү, сатып алынган газды транспорттоо жана бөлүштүрүүчү тармактар (менчик, же арендага алынган) боюнча кардарларга (калк, юридикалык жактар) таратууну ишке ашыруучу уюмдар ошондой эле, бул сап боюнча берилген энергиянын (электрдик, жылуулук), суунун, газ түрүндөгү отундун жана чийки заттын сатып алуу баасын эсепке алышат.

Отчеттук мезгилде сатып алынган жана кирешеге алынган материалдык баалуулуктар (кайтарып берилүүчү таранын баасын кошпогондо) бул сапта сатып алуу баасы менен (кошулган наркка салык жана башка төлөнүүчү салыктар кошулбайт) сатып алууга байланыштуу чыгымдарды (башка уюмдардын транспорттоого жана транспорт каражатына жүктөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө кеткен чыгымдар) кошуу менен көрсөтүлөт; сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө чыгымдары; чийки затты, материалдарды ж.б. сатып алууга байланыштуу ортомчу уюмдарга төлөнгөн сыйакылар; тара боюнча чыгымдар; импорттук материалдарды, чала фабрикаттарды, аспаптарды, же өндүрүш инвентарларын сатып алууга байланыштуу ташып келүү бажы алымдары жана башка төлөмдөр; табигый азаюунун нормаларынын чегиндеги материалдардын жолдо бузуулусуна байланыштуу кем чыгуулар жана жоготуулар; материалдык баалуулуктарды сатып алууга байланыштуу башка чыгымдар; камсыздандыруу боюнча чыгымдар; материалдык-өндүрүштүк камдыктарды сатып алууга тике байланыштуу башка чыгымдар, ошондой эле кайтарылбас таранын баасы жана материалдык-өндүрүштүк камдыктарды сатып алууга байланыштуу мыйзамда каралган учурлардагы төлөнүп берилбес салымдардын суммасы.

Бул сапта заказ берүүчүдөн кайра иштетүү үчүн алынган чийки зат жана материалдар (иштетип алма чийки зат) чагылдырылбайт; юридикалык жактарга, жеке ишкерлерге, калкка сатуу максатында сатылып алынган товарлар; даярдоо-складдык аппаратты кармоого кетккен чыгымдар, ошондой эле, кайтма калдыктар.

**2221-сап боюнча** технологиялык максаттарга, энергиянын бардык түрлөрүн (электрдик, жылуулук, кысылган аба, муздак жана башка

түрлөрү) иштеп чыгууга, имараттарды жылытууга, уюмдун транспорт каражаттар менен аткарылып жаткан өндүрүштү тейлөө боюнча транспорттук иштерге чыгымдалуучу башка жактан сатып алынган отундун бардык түрлөрүнүн баасы көрсөтүлөт. Андан **2222-сап боюнча** мунайзаттан иштеп чыгарылган продукттардын (бензин, уайт спирит, керосин, дизелдик күйүүчү май, күйүүчү мазут, нефтебитум, майлоочу майлар ж.б.), ал эми **2223-сап боюнча** газдын баасы бөлүнүп көрсөтүлөт.

**2224-сап** боюнча уюмдун технологиялык, энергетикалык, кыймылдаткыч жана башка өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарына чыгымдалуучу энергиянын бардык түрлөрүнүн (электрдик, жылуулук, кысылган аба, муздак жана башка) сатып алуу (факт түрүндө эсептелген төлөмдөр боюнча) баасы көрсөтүлөт. **2225 жана 2226-саптарда** мунун ичинде тийиштүүлүгү боюнча электрдик жана жылуулук энергияларынын баалары көрсөтүлөт.

**2227-сап боюнча** уюмдун технологиялык максаттарына жана башка өндүрүштүк жана чарбалык муктаждыктарына, энергиянын бардык түрлөрүн иштеп чыгууга (мунун ичинде уюм тарабынан өндүрүштүк муктаждыктар үчүн), имараттарды жылытууга, ошондой эле энергияны трансформациялоого жана берүүгө чыгымдалуучу сатып алынган суунун баасы эсепке алынат.

Бул сапта иштеп чыгарылуучу продукциянын түзүмүнө кирген, **2220**-сапта көрсөтүлгөн суу чагылдырылбайт.

**2228-сапта** ишкананын жумушчуларынын эмгек акысына кеткен чыгымдар өндүрүштүк жыйынтыктар үчүн жумушчуларга жана кызматкерлерге берилген сыйакылар, стимул берүүчү жана компенсациялоочу төлөмдөр, кошулуп, курамга кирбеген жумушчулардын эмгек акысын эсепке алуу менен көрсөтүлөт.

Ишкананын жумушчуларына акчалай жана натуралдык формалардагы эмгек акыларына жана аларды кармоого байланыштуу чыгымдарга төмөнкү төлөмдөр кирбейт: атайы арналган каражаттардын максаттуу түшүүлөрдүн эсебинен төлөнүүчү сыйакылар, материалдык жардам, ишкананын жумушчулары үчүн пайызсыз насыялар, коллективдик келишим боюнча кошумча берилүүчү өргүүлөрдү төлөө, пенсияларга кошумча акы жана башка эмгек акыга тике байланышы жок төлөмдөрдүн түрлөрү.

Эмгек акы төлөө чыгымдарына иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык кечки жана сырттан окуучу жогорку, орто, атайы жана орто окуу жайларында, сырттан окуу аспирантурасында ийгиликтүү окуп жаткан, ошондой эле, аспирантурага окууга өтүп жаткан жумушчуларга жана кызматкерлерге төлөмдөр, кесиптик-техникалык окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө жана жогорку, же атайы орто окуу жайын бүтүргөн жаш адистерге жумушка кирердин алдындагы өргүүсүнүн төлөмү кирет.

**2229-сапта** тизме курамындагы жумушчулардын эмгек акысын төлөөгө кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

**2230-сапта** жумуш берүүчү мыйзам тарабынан аныкталган ченемдер боюнча **2228**-сапта көрсөтүлгөн жумушчулардын эмгек акысын төлөөгө кеткен чыгымдардан (камсыздоо төлөмдөрү эсептелбей турган төлөөлөрдөн башка) мамлекеттик социалдык камсыздоо органдарына: Пенсиялык фондго, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна жана Милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна төлөнүүү милдеттүү төлөмдөр чагылдырылат.

**2231-сап** боюнча бардык командировкаларга жумшалган чыгымдар: суткалык чыгымдар, мейманканада жашагандыгы үчүн төлөөлөр, жол жүрүүгө кеткен чыгымдар, ошондой эле, чет өлкөгө болгон командировкалардын учурунда: визалык колдоо жана медициналык чыгымдар көрсөтүлөт.

**2232-сап** боюнча мыйзамда бекитилген тартипке ылайык башка уюмдар тарабынан аткарылып, продукциянын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркына киргизилген иштерди төлөөгө жумшалган чыгымдар чагылдырылат.

**2232**-саптан **2233** жана **2236**-саптардан кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрү боюнча чечмелөө берилет.

**2233-сапта** башка уюмдар тарабынан ишкананын ичинде жүктү ташуу (чийки затты, аспаптарды, тетиктерди, заготовкаларды, жүктүн башка түрлөрүн складдан цехке жана даяр продукцияны сактоо складдарына жеткирүү), жуктөлгөн продукцияны (товарларды) станцияга келишимдердин (контракттардын) шарттарына ылайык (портко, пристанга) жеткирүүгө жана транспорттоого жумшалган чыгымдар көрсөтүлөт.

**2234-сапта** өнөр жай мүнөзүндөгү (өнөр жай продукциясын даярдоодогу (металлдан куюп жасоо, металлды ийлөө, кесүү, тигүү ж.б.),чийки затты жана материалды иштетүүдөгү (кенди байытуу ж.б.), жабдууларды, автотранспорт каражаттарын оңдоо, ошондой эле, иштетип алма чийки затты иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн акысы чагылдырылат

**2235-сапта** негизги каражаттарды оңдоонун жана техникалык тейлөө иштеринин акысы көрсөтүлөт.

**2236-сапта** финансылык отчеттуулукту даярдоо, бухгалтердик эсеп жана аудитордук ишмердик, салык декларацияларын түзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн акысы чагылдырылат; адвокаттардын эмгек талаштарындагы консультацияларынын жана өкүлчүлүк кызматынын акысын төлөө; жалпы суроолор боюнча, консультацияларынын жана кеңештеринин, юридикалык документтерди (устав, бириктирүү жөнүндө келишимдер ж.б. ишканаларды, патенттерди жана автордук укуктарды, актыларды, ишеним каттарды) даярдоодогу, кызмат акысын төлөө; мамлекеттик нотариустардын, сот аткаруучуларынын, сот тергөөчүлөрүнүн жана бейтарап соттордун (арбитр) ж.б. кызмат акысын төлөө; адистердин: коомдук байланыштарды сактоо, эсеп тутумдарын долбоорлоо, чыгымдардын эсебинин программасы, пландаштыруу,

башкаруу, рыноктун конъюнктурасын изиилдөө чөйрөлөрүндөгү кызмат көрсөтүүлөрүнө жумшалган чыгым; башка адистердин кызмат акысы.

**2237-сап боюнча** илимий мекемелердин кымат көрсөтүүлөрүнүн наркы, илимий изилдөө долбоордун жана/же уюмдардын экономикалык, инженердик, технологиялык тажрыйбалык-конструктордук кайра иштетүүлөрдү кошкондогу наркы чагылдырылат.

Ушул сап боюнча башка юридикалык жактардын субподряд келишими боюнча илимий-техникалык мүнөздөгү аткарган иштери чагылдырылат.

**2238-сапта** Негизги жана өндүрүштүк каражаттардын толук калыбына келтирүүгө жумшалган (негизги жана өндүрүштүк каражаттардын балансттык баасынын негизинде жана белгилүү тартипте бекитилген нормалардын негизинде, алардын активдүү бөлүгүнүн мыйзамга ылайык тездетилген аммортизациясын камтуу менен эсептелген) амортизациялык чегеримдердин суммасы көрсөтүлөт. Өз ишмердигин ижаранын негизинде жүргүзүп жаткан ишканалар толугу менен калыбына келтирүүнүн амортизациялык чегеримдерин менчик негизги каражаттар боюнча, ошондой эле ижарага алынган негизги каражаттар боюнча дагы ишке ашырышат.

**«Ижара акысы»** аттуу **2239-сапта** төлөмгө киргизилген ижара жана башка негизги каражаттарды ижарага алуу төлөмү келишиминен тышкары имараттарды, курулмаларды, машина жана жабдууларды амортизациялык чегеримдердин тийиштүү өлчөмдөгү бөлүгү жана ондоо каражаттарынын ижара акысы киргизилет.

**2240-сапта** почта жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы көрсөтүлөт. Почта кызмат көрсөтүүлөрүнө төмөнкүлөр кирет: почтаны, бандеролдорду ташуу жана жеткирүү; почта маркаларынын, куттуктоо барактарынын, конверттердин наркы; чабарман ишмердиги. Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө: өткөргүч байланышы (үндөрдү, элестерди, маалыматтарды жана башка билдирүүлөрдү өткөргүч аркылуу өткөрүү), элестерди, маалыматтарды жана башка билдирүүлөрдү өткөргүчү жок байланыш аркылуу өткөрүүнү камсыз кылуу кызмат көрсөтүүлөрү, спутник байланышы жана башка телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр кирет.

**2241-сапта** финансы лизингинин келишими боюнча мүлктү (негизги фонддорду жана башка активдерди) ижарага алгандыгы үчүн төлөнгөн лизинг төлөмдөрүнүн суммасы көрсөтүлөт.

**2242-сапта** жарнама кампанияларын иштеп чыгуу жана өткөрүү, жарнама материалдарын түзүү жана жайгаштыруу ж.б. жумшалган чыгымдар чагылдырылат.

**2243-сапта** өз ара кызматташтыкты түзүү жана колдоо максатында сүйлөшүүлөргө келген башка уюмдардын жана мекемелердин өкүлдөрүн, ошондой эле, Директорлор Кеңешинин (Башкармалыктын) отурумдарына келген катышуучуларды жана уюмдун Ревизиялык комиссиясынын мүчөлөрүн кабыл алууга жана тейлөөгө уюм тарабынан

жумшалган өкүлчүлүк чыгымдар; өкүлдөрдү расмий кабыл алууну (эртең мененки, түшкү, кечки тамак, же ушуга окшош иш чаралар) өткөрүүгө байланыштуу чыгымдар; сүйлөшүүлөрдүн катышуучуларын буфеттик тейлөө, аларды транспорт, маданий-көнүл ачуу иш чаралары, маданий программа менен камсыздоо, уюмдун штатына кирбеген котормочулардын кызматын төлөө чыгымдары көрсөтүлөт.

**2244-сапта** банктардын, камсыздоо уюмдарынын (камсыздандыруу төлөмдөрү кирбейт) жана башка финансылык мекемелердин кызмат көрсөтүүлөрүн (валюта алмаштыруу, инвестициялар, кыймылсыз мүлк сатып алуу боюнча консультациялар; инкассация кызматы, баалуулуктарды сактоо ж.б.) төлөөгө кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

**2245-сапта** отчеттук жылда төлөнгөн банк насыялары боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы көрсөтүлөт.

**2246-сапта** милдеттүү камсыздоо боюнча эсептелген төлөмдөр көрсөтүлөт: автожарандык жоопкерчиликти, мыйзамда бекитилген тартипке ылайык негизги каражаттардын түзүмүндө эсепке алынган мүлктү, негизги жана транспорттук каражаттарды (анын ичинде ижарага алынган), жүктөрдү, материалдык эмес активдерди, бүткөрүлбөгөн капиталдык курулуштун объекттерин, материалдык-өндүрүштүк камдыктарын, курулуш-монтаждоо иштерин аткаруудагы тобокелдиктерди, айыл чарба өсүмдүктөрүн жана малдарды, өндүрүштүк максаттарда колдонулуучу башка мүлктөрдү, ошондой эле, продукциянын (жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн) тийиштүү түрлөрүн өндүрүүдө иштеген жумушчулардын айрым категорияларын, мыйзамга ылайык ишке ашырылуучу өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан камсыздоо.

**2247-сапта** мыйзамга ылайык эсептелген ыктыярдуу камсыздоо төлөмдөрү көрсөтүлөт. Бул сапта уюмдун пайдасынын жана башка максаттуу түшүүлөрүнүн эсебинен ишке ашырылуучу ыктыярдуу медициналык жана башка камсыздоо төлөмдөрү чагылдырылбайт.

**2248-сапта** продукциянын (кызмат көрсөтүүнүн) өздүк наркына киргизилүүчү салыктар чагылдырылат.

**2249-сапта** санитардык тазалоо, булганыч агын сууларды агызып жиберүү, таштандыларды, ыпыр-сыпырларды, калдыктарды, жугундуларды чогултуу, таштандыларды жана уулуу калдыктарды ташуу, иштетүү жана жок кылуу, булганган кыртышты тазалоо иштерин аткарып жаткан коммуналдык чарбанын ишканаларынын жана уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөлөр көрсөтүлөт.

**2250-сапта** 2.3-бөлүмдүн мурунку саптарында чагылдырылбаган продукцияны өндүрүүгө жана сатууга жумшалган башка чыгымдар көрсөтүлөт.

**2251-сапта** сатуу лицензияларын, сапат сертификатын, санэпидстанциянын, Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин, энергосбыттын ж.б. лицензияларын жана уруксаттарын алууга жумшалган чыгымдар чагылдырылат.

**2252-сап** боюнча учурдагы жылда продукцияны өндүрүүгө жана сатууга кеткен **чыгымдардын жалпы суммасы** көрсөтүлөт. 2252-сапта көрсөтүлгөн сумма 2220, 2221, 2224, 2227, 2228, 2230, 2231, 2232-саптардын жана 2238-ден 2250-гө чейинки саптардын суммасына барабар болууга тийиш.

**2253-сапта** отчеттук жылда өндүрүлгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жумшалып, 2251-сапка киргизилген, бирок кийинки мезгилдерге тийиштүү болгон чыгымдар көрсөтүлөт. Бул саптан кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жумшалган чыгымдар жана ижарага төлөмдөр бөлүнүп, **2254-сапта** көрсөтүлөт.

**2255-сапта** тапшырыкчынын төлөнбөгөн (иштетип алма) чийки заттын ишканада иштетүүнүн баасы чагылдырылат.

**2256-сапта** негизги өндүрүш каражаттарын оңдоонун бардык түрлөрүн жүргүзүүгө кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

**2257-сапта** учурдагы өндүрүш менен байланыштуу бюджеттен алынган субсидиялар чагылдырылат. Аларга учурдагы чыгымдардын (материалдык-өндүрүштүк камдыктарды сатып алуу, жумушчулардын эмгек акысын төлөө жана ушуга окшош башка чыгымдар) бардык түрлөрүн каржылоого кеткен бюджеттик каражаттар кирет (буга капиталдык чыгымдарды каржылоого арналган бюджеттик каражаттар кирбейт). Мындан тышкары, бул сап боюнча товарларды (кызмат көрсөтүүлөрдү) сатуу учурунда пайда болуучу чыгашалардын ордун толтурууга кеткен чыгымдар көрсөтүлөт.

Бул сапта банк насыяларын төлөө үчүн бюджеттен берилген чыгымдар чагылдырылбайт.

Жарандардын айрым категорияларына берилген жеңилдиктерди төлөө үчүн бюджеттен алынган суммалар бул сапка киргизилбейт (мисалы, дарылоочу каражаттарды акысыз жана жеңилдик рецепттери менен берүү, жарандардын айрым категорияларынын жол киресин жана турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө ж.б).

**2258-сапта 2257-саптан** сатуу баасы мамлекеттик бийлик органдары тарабынан аныкталган учурда, уюм юридикалык жактарга жана калкка товарларды (кызмат көрсөтүүлөрдү) мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу тарифтер (чыгымдардын ордун толтурбаган) боюнча саткандыктан келип чыккан чыгашалардын ордун толтурууга берилген субсидиялар (товарларды, же кызмат көрсөтүүлөрдү наркынан төмөн баада саткандыктан келип чыккан чыгашалардын ордун толтуруу, ишканалардын жана турак жай-коммуналдык чарба уюмдарынын пландуу чыгымдарынын ордун толтуруу жана ушуга окшош башка төлөмдөр) көрсөтүлөт.

Бул сапта уюмдар отчеттук мезгил үчүн алына турган субсидияларды көрсөтүшөт.

**2259-сапта** отчеттук жылда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө байланыштуу эсептелген КНСтин суммасы көрсөтүлөт.

**2260-сапта** отчеттук мезгилде кошумча нарк салыгы боюнча салык декларациясында көрсөтүлгөн, КНСтин бюджетке которула турган суммасы көрсөтүлөт.

**2261-сапта** отчеттук жылда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө байланыштуу акциздердин суммасы көрсөтүлөт.

**2262-сапка** КНС, акциз жана **2248-сапта** көрсөтүлгөн салыктардан башка салыктар боюнча чыгымдар киргизилет.

**2263-сапта** чийки заттын, материалдардын, товарлардын, даяр продукциянын, электр энергиясынын нормадан ашык жоготуулары чагылдырылат.

### 2.3.1. - бөлүм. Продукцияларды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүү жана сатуу

Бул бөлүктүн маалыматтары, анын иш-аракеттеринин бардык түрлөрү боюнча бүтүндөй юридикалык жак боюнча жалпы суммасында (б.а. жайгашкан жерине карабастан, анын бардык обочолонгон бөлүмдөрү боюнча кошулган маалыматтар) толтурулат.

Ушул бөлүктүн жалпы экономикалык көрсөткүчтөрү жана форманын тийиштүү саптары боюнча ушул көрсөткүчтөрдүн чагылдырылышы бухгалтердик эсеп жана баштапкы эсепке алуу маалыматтары боюнча мыйзамдык-ченемдик актыларына ылайык бухгалтердик синтетикалык жана аналитикалык эсепке алуунун негизинде жүргүзүлөт.

**2280-сапта** сатуу тартибинде жөнөтүлгөн же чыгарылып кеткен, ошондой эле түз алмашуу (алмашуу келишими боюнча), менчик өндүрүштүк бардык товарлардын, товардык кредиттин, иш жүзүндө коюлган (сатуу) бааларындагы (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) өз күчтөрү менен аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат.

Ушул сап боюнча 2258-сапта көрсөтүлгөн мамлекеттик баалар (тарифтер) боюнча жөнгө салына турган продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу кесепетинен жаралган чыгашаларды жабууга карата бюджеттен алынган каражаттар чагылдырылбайт.

Ички чарбалык керектөөлөр үчүн колдонула турган менчик өндүрүштүк продукция (буудай, урук, канаттууларга жана малдарга тоют, өздүк колдонуу үчүн жасалган шаймандар ж.б) 2280-сапта көрсөтүлбөйт.

Ошол юридикалык жак тарабынан өндүрүлгөн жана отчеттук мезгилде башка жакка (башка юридикалык же жеке жактарга, ошондой эле эмгек акысынын эсебинен өзүнүн жумушчуларына берилген) иш жүзүндө жөнөтүлгөн (өткөрүлгөн) бардык товарлардын, анын ичинде сатуучунун эсебине акча келип түшкөн/түшпөгөндүгүнө карабастан, заказчыга (тапшырыкчы) жеринде акт боюнча өткөрүлгөн товарлардын наркын билдирет.

Эгерде, юридикалык жак жарым фабрикаттарды, кышка даярдыктарды, түйүндөрдү өндүрсө, аларды жарым-жартылай иштетүүгө

же аларды толук даяр болгонго чейин иштетүүгө башка юридикалык жакка берсе, андан кийин аларды кайрадан алып, жана даяр азыктарды өндүрүү учурунда колдонот, анда жүктөлгөн товарлардын көлөмүнө, аларды өндүрүү толук аяктаган, жана алар иш жүзүндө керектөөчүгө жүктөлүп чыгарылган, даяр азыктардын наркына киргизилет.

Даяр болгон деңгээлине жараша этап боюнча Келишимге ылайык заказчы тарабынан кабыл алына турган жана төлөнө турган продукция жумуш этаптарынын отчеттук мезгилинде заказчы (тапшырыкчы) тарабынан кабыл алынган көлөмүндө 2280-сап боюнча чагылдырылат.

Уюмдун менчик соода жайлары аркылуу же өзүнүн кассасы аркылуу элге сатылган менчик өндүрүштүк продукция сатуу баалары боюнча (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) 2280-сап боюнча көрсөтүлөт.

Иштетип алма чийки заттан (даярдоочу-ишкана тарабынан төлөнбөй турган, тапшырыкчынын (заказчынын) чийки заттан жана материалдарынан) иштелип чыккан продукциясы, даярдоочу-ишкана тарабынан өзү өндүргөн товарлардын (өз күчү менен аткарылган иштеринин жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн) иштетилген наркы боюнча, башкача айтканда тапшырыкчынын (заказчынын) чийки затынын жана материалдарынынын наркысыз, товарлардын жүктөлүп жөнөтүлгөн көлөмүнө киргизилет.

Юридикалык жактар - чийки заттын жана материалдардын менчик ээлери, башка ишканаларда аларды кайрадан иштеүүгө жана даяр продукцияны сатууга карата тапшырмаларды жайгаштыруучулар, алардын тапшырыктары боюнча башка ишканалар тарабынан алардын өздүк чийки заттарынан жана материалдарынан (алардын өз күчтөрү менен өндүрүлгөн же башка жактан сатылып алынган) өндүрүлүп жүктөлгөн товарлардын көлөмү **2280**-сап боюнча чагылдырылат.

***Айыл-чарба иш-аракеттери боюнча*** башка юридикалык жана жеке жактарга менчик өндүрүштүн сатылган (жүктөлүп жеткирилген) продукциясынын бардык наркы көрсөтүлөт. Ушул сап боюнча төмөнкү продукциялар да эсепке алынат: буфеттер, дүкөндөр жана башка ар түрдүү чекене соода обьектилери аркылуу (анын ичинде арзандатылган баалар боюнча) өз кызматкелерине, башка тараптан тартылган жактарга жана элге сатылган; эмгек акыны нак төлөө тартибинде жана ижирага алынган жер үлүштөрү үчүн ижара акынын эсебине берилген; алмашуу келишими боюнча чыгарылган, товардык кредитти төлөө эсебине, жаныбарларды ижаралоо жана алынган нак ссудаларды кайтаруу эсебине кеткен продукциялар эсепке алынат. Мындан тышкары, жаныбарларды ижарага берүүдөн алынган ижара акысы кирет.

Керектөөчүлөрдүн (элдин, юридикалык жактардын) арасында сатылып алына турган энергияны (электр жана жылуулук), сууну, бөлүштүрүү (менчик же ижарага алынган) торлору боюнча сатып алына турган газды транспортировкалоону жана бөлүштүрүүнү өз күчү менен

жүргүзүүчү уюмдар **2280**-сап боюнча энергияны, сууну, газды берүү, транспортировкалоо жана бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын чагылдырат.

Энергияны, сууну, газды (аларды өз күчтөрү менен транспортировкалоо жүргүзбөстөн) кайрадан сатуулар ушул сапта чагылдырылбайт, алар **2284**-сап боюнча көрсөтүлөт.

***Коомдук тамак-аш обьектилери*** (ресторан, кафе, бар, ашканалар) боюнча өздүк кулинардык продукциялардын (тамак-аш түрлөрү, кулинардык азыктар) сатылган наркы, ошондой эле сатылган кондитердик жана нан азыктары, жемиштер, алкоголдук, алкоголсуз суусундуктар жана негизинен жеринде керектөө үчүн дайындалган, менюга киргизилген, сатып алына турган башка товарлар ушул сап боюнча чагылдырылат. Сатып алына турган товарлар, эрежедегидей, өздүк кулинардык азыктарга кошумча ассортимент болуп саналат, бирок коомдук тамак-аш объектисинин (мисалы, театрлардагы, кинотеатрлардагы, казинодогу, жана башка оюн-зоок жайларындагы бар же кафелердин) менюсунда алар басымдуу болушу да мүмкүн.

Ушул эле сап боюнча коомдук тамак-аш продукциясын керектөөчүлөрдүн тапшырыктары боюнча жумуш ордуна, үйгө, банкеттерди, үйлөнүү тойлорду, кабыл алууларды тейлөө үчүн, ошондой эле социалдык тармактагы уюмдарга (мектептерге, ооруканаларга, санаторийлерге, карылар үйлөрүнө жана башкаларга), кургак жер, аба, суу транспорт жолдорундагы соода уюмдарына жана транспорттук ишканаларга (өздүк өндүрүштөн сатылган кулинардык продукциялар жана кошумча иштетүүсүз керектөөгө даяр, сатып алына турган товарларды) жеткирүүдөн түшкөн киреше чагылдырылат.

2280-сап боюнча чагылдырылган (өздүк өндүрүштөн сатылган кулинардык продукциянын жана кошумча иштетүүсүз керектөөгө даяр сатып алына турган товарлардын) коомдук тамак-аш продукциясынын наркы, эгерде, иш-аракеттин ушул түрү иш-аракеттин негизги түрүнөн айырмаланса, ЭИМК (56.21.0-56.29.0) тийиштүү коду менен 22802-22806 сабтарында көрсөтүлөт.

Дарыканалар тарабынан даярдалып чыгарылган дары-дармек каражаттары элге, юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге жеткирилген наркы, эгерде, дары-дармектерди сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркында, ошондой эле “Оптика” дүкөндөрү тарабынан даярдалган жана сатылган көз айнектердин жана аларды ондоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркында, дарыканалар тарабынан аларды алдын ала сатып албастан, дарыларды акысыз жана арзандатуу менен берилүүчү рецептер боюнча даяр дарыларды сатуу үчүн комиссиялык сыйлык акы өлчөмүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 2280-сап боюнча чагылдырылат.

Башка юридикалык жана жеке жактарга өз күчтөрү менен аткарылган жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр да 2280-сап боюнча көрсөтүлөт.

Пайдалуу кендерди казып алуу жана өндүрүштөрдү иштетүүчү тармактагы иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы, айыл чарбасы, токой чарбасы, балык уулоо жана аңчылык, балык өндүрүүгө байланышкан кызмат көрсөтүүлөр, токойлорду калыбына келтирүү, өз күчтөрү менен аткарылган санитардык кыюулар жана токойду карап багуу тармагындагы иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы, аларды тапшырыкчы тарабынан кабыл алгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде ушул сап боюнча чагылдырылат. Мал союу жана союлган малдын этин кайра иштетүү менен иш жүргүзгөн уюмдар, малды атайын мал союучу жайларда же шартсыз андай эмес жайларда союлгандыгына карабастан, өндүрүлгөн жана жүктөлүп жөнөтүлгөн эт жана эт азыктарынын бүт көлөмү 2280-сап боюнча чагылдырылат.

Өздүк керектөө үчүн эмес өз күчү менен гана (субподряд келишими боюнча аткарылган иштерсиз жана кызмат көрсөтүүлөрсүз) аткарылган курулуш (анын ичинде оңдоо-курулуш) мүнөзүндөгү иштер жана кызмат көрсөтүүлөр, аткарылган иштердин наркы жана тапшырыкчылар тарабынан алар кабыл алынгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде 2280-сап боюнча чагылдырылат. Ушул иштердин наркына тапшырыкчылар менен түзүлгөн келишимдердин жана/же контракттардын негизинде аткарылган жаңы объекттердин курулушу, капиталдык жана учурдагы оңдоо, турак-жай жана турак-жай эмес имараттарды жана инженердик курулуштар боюнча иштер киргизилет.

***Чалгындоо бургулоо иштери боюнча*** иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы тапшырыкчылар тарабынан алар кабыл алынгандыгы жөнүндө бекитилген документтердин негизинде 2280-сапка киргизилет.

Эгерде, отчеттук мезгил ичинде иштерди өндүрүү учурунда курулуш уюму (подрядчы) тапшырыкчынын материалдарын колдонсо жана алардын наркы аткарылган иштердин наркы жөнүндөгү маалымдамада (справкада) чагылдырылса, анда ошол материалдардын наркы 2280-сап боюнча эсепке алынат, ушуларга каршы учур болсо 2255-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, уюм, ошол уюмдун алдындагы бөлүмдөр тарабынан өндүрүлгөн материалдарды колдонуу менен ***курулуш, монтаждоо жана башка иштерди*** жүргүзсө, анда ошол материалдардын наркы курулуш подряддык келишимдери боюнча өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын көлөмүнөн чыгарылбайт.

Эгерде, уюм аларды андан ары башка юридикалык же жеке жактарга сатуу максатында өз күчтөрү менен турак үйлөрдү жана турак

жай эмес имараттарды курууларды жүргүзсө, алар 1640 “Даяр продукция”, 6100 “Киреше” эсептеринин корреспонденциясында аларды кийин эсептен чыгарып жок кылуу менен продукцияны (жумушту, кызмат көрсөтүүнү) өндүрүүгө кеткен чыгымдар бүткөрүлбөгөн өндүрүштүн чыгымдары катары (1630 эсеп) эсепке алынат, анда аткарылган иштердин көлөмү ушул бөлүктөгү 2280-сап боюнча чагылдырылат, ушул эле учурда курулуш иштердин негизги түрү болуп саналбаса, тийиштүү ЭИМК 41.20.0 коду менен 22802-22806 сабтарында толтурулушу керек.

Тапшырыкчы (курулушчу) жана подрядчынын милдеттерин биргелешип уюштуруу учурунда өз күчтөрү менен аткарылган турак үйлөрдү курууга, курулуш мунөзүндөгү иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына карата чыгымдарды түзүү учурунда кабыл алынган эсепке алуу саясатынан көз карандысыз ушул бөлүктөгү 202-сап боюнча жана тийиштүү ЭИМК 41.20.0 коду менен **22802-22806 сабтарында** чагылдырылат.

Турак үйлөрдү жана турак жай эмес имараттарды юридикалык жана жеке жактарга (анын ичинде үлүштөгүлөр) сатуудан түшкөн киреше, “курулуш” иштеринин түрүнө кирет жана, тиешелүүлүгүнө жараша, ушул бөлүктүн 2280-сап боюнча чагылдырылат.

Чарбалык ыкма менен аткарылган имараттар жана курулуштар боюнча курулуш-монтаждоо иштеринин наркы 2280-сап боюнча чагылдырылбайт. Ошондой эле өндүрүшкө карата чыгымдардын эсептеринде алар боюнча бухгалтердик эсепке алынбагандар боюнча чыгымдар, менчик жана ижарага алынган имараттар, курулуштар, жабдууларды оңдоо боюнча уюмдун өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын наркы 2280-сап боюнча чагылдырылбайт.

Кабыл алуу-өткөрүү актылары боюнча тапшырыкчылар тарабынан кабыл алынган жана илимий изилдөө жана техникалык иштеп чыгуулар тармагындагы өз күчтөрү менен аткарылган жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 2280-сап боюнча чагылдырылат.

***Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр*** жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү ташуу келишимин же фрахтовкалоо келишимин, транспорттук экспедиция келишимин жана башкаларды аткаруунун негизинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр  ушул сап боюнча чагылдырылат.

***Байланыш ишканалары*** мезгилдүү басылмаларга жазылуучу жана аларды элге жеткирүүчү байланыш ишканалары, жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын 2280-сап боюнча көрсөтүшөт. Жазылгандардан алынган жана басмаканага кайтарууга жаткан басылмалардын наркы ишканалар тарабынан көрсөтүлгөн 2280- жана 2284-саптар боюнча чагылдырылбайт.

Турак-жай коммуналдык чарба тармагындагы башкаруучу уюм (мындан ары - ТКЧ) өз күчтөрү менен аткарган, ошондой эле турак жай фондун иштетүү, кармоо жана оңдоо, коммуналдык кызматтарды

көрсөтүү боюнча башка уюмдарды ишке тартуу менен кызматтар көрсөтүлгөн бардык керектөөчүлөргө сатуудан түшкөн кирешелердин жалпы суммасын 2280-сап боюнча көрсөтөт. Муниципалдык менчикке кабыл алынган ТКЧ объектилери боюнча бюджеттен субсидиялар эепке алынбайт, ал экономикалык негизделгендердин жана колдонуудагы тарифтердин ортосундагы айырманы компенсациялайт.

Турак-жай менчик ээлеринин шериктештиги (мындан ары - ТМЭШ) жана турак-жай курулуш копертативдери (мындан ары - ТКК) жалпы мүлктү (жайларды, жарнактар үчүн орунду ж.у.с.) ижарага берүүдөн, башка юридикалык жана жеке жактарга консультациялык жана башка маалыматтык кызматтарды көрсөтүүдөн, ошондой эле башка тарапка жумуштарды аткаруудан түшкөн кирешелерди чагылдырат. Турак-жай фондун иштетүү, кармоо жана ондоо боюнча ТККнын иштери ушул сап боюнча чагылдырылбайт.

Коммуналдык төлөмдөрдү эсептөө жана жыйымдарды жүргүзүүчү уюмдар, коммиссиялык сыйлыктын суммасын 2280-сап боюнча көрсөтөт.

Ушул сап боюнча радио жана телеберүү тармагындагы иш-аракеттер боюнча радио жана телепрограммаларды өндүрүүгө карата чыгашалар, ошондой эле жарнактык убакытты сатуудан түшкөн кирешелер көрсөтүлөт. Программаларды тартууга карата укуктарды сатуудан түшкөн кирешелер  ушул сапта чагылдырылбайт.

Тапшыруу келишимдеринин негизинде башка жактын кызыкчылыгы үчүн бүтүмдөрдү жүргүзүү учурунда сыйлык акынын өлчөмүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 2280-сап боюнча көрсөтүлөт.

Туроператордун иш-аракетттери боюнча элге жана уюмдарга түзүлгөн жана сатылган турлардын (туристтик продукттардын) наркы көрсөтүлөт.

Турагенттик иш-аракеттер боюнча же комиссиялык (агенттик) сыйлыктын өлчөмү же турдун сатылуучу жана сатып алына турган наркынын ортосундагы айырмасы чагылдырылат (тур агент тур уюштуруу боюнча иш алып барбайт же туристтердин же башка тапшырыкчылардын алдында жоопкерчилик тартпайт, ал бир гана тур оператордон сатылып алынган туристтик продуктту өзүнүн атынан алдыга жылдырат же сатат, же тур оператордун атынан жана анын тапшырмасы боюнча агенттик келишимдин негизинде туристтик продуктту сатат).

Менчик мүлкүн (уюмдун тендеминде (балансында) турган) ижарага берүүдөн кирешелер, ошондой эле субаренда боюнча кирешелер, ишкана үчүн бул иш-аракет негизги болуп саналабы же жокпу, андан көз карандысыз, ушул сап боюнча чагылдырылат. Ижарага бөрүүдөн түшкөн кирешеге, ижара акыларынан башка, эгерде, алар ижаралык акыга киргизилбеген болсо, ижарадагы мүлктү колдонууга байланыштуу, ижарачылардын бардык башка төлөмдөрү (электр энергиясы, жылуулук энергиясы, суу жана башка төлөмдөр) кирет.

Эгерде, иш-аракеттердин башка түрлөрү менен катар финансылык эмес уюм финансылык иш-аракеттер боюнча кызматтарды көрсөтсө, жана иш-аракеттердин кадимки эле түрлөрүнөн алынган кирешелер сыяктуу эле, ал киреше бухгалтердик эсепте таанылса, кызматтары, кадимки иш-аракеттердин кирешелериндей эле бухгалтердик эсепке алынса, анда ушул кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы 2280-сапта чагылдырылышы керек. Мисалы, финансылык ижара (лизинг) формасындагы кызмат көрсөтүүлөр үчүн алына турган лизингдик төлөмдөр (лизинг буюмунун сатып алынган наркысыз) чагылдырылат. Ушул эле сумма (ижарага алынган мүлктүн сатып алуу наркы) Бул сумма **<u>22802-22806 сабтарында</u>** ЭИМК 64.91.0 тийиштүү коду менен чагылдырылышы керек.

Ошондой эле, бул сап боюнча байланыш, саламаттыкты сактоо, билим берүү, тиричилик техникаларды жана жеке колдонуучу буюмдарды ондоо, персоналдык кызмат көрсөтүүлөр, мейманкана кызматтары, эсептөөчү техинканы жана маалыматтык технологияларды колдонууга байланышкан иш-аракеттер, эс алуу жана оюн-зооктор, маданий жана спорт, холдинг-компанияны башкарууну жана ушул сыяктуу кызматтарды уюштуруу боюнча иш-аракеттер тармагында башка юридикалык жактарга жана элдерге кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн киреше чагылдырылат.

Коммерциялык уюмдар тарабынан түзүлгөн маданият, билим берүү, спорт мекемелери, каржылоо булактарынан көз карандысыз, толук көлөмдө башка тарапка көрсөтүлгөн кызматтардын наркын чагылдырат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу (мындан ары - ММК) программасынын чегинде камсыздандырылган жактарга көрсөтүлгөн кызматтардын наркы медициналык уюмдар тарабынан 2280-сап боюнча чагылдырылат. Ушул эле сумма тийиштүү ЭИМК коду менен **<u>22802-22806 сабтарында</u>** “Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды көрсөтүү” бөлүгүндө чагылдырылат. ММК программасынын чегинде медициналык уюмдар тарабынан камсыздандырылган жактарга көрсөтүлгөн кызматтардан иш жүзүндө келип түшкөн акча каражаттары жөнүндө маалыматтарды чагылдырат.

Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн акысы, иш-аракеттердин ошол түрлөрүн жүргүзүүчү уюмдар тарабынан 2280-сап боюнча чагылдырылган, башка тарапка көрсөтүлө турган кызматтардын жалпы көлөмүнө киргизилет.

Лотерея билеттеринин наркын, аталган каражаттардын көрсөтүлгөн түрлөрүнүн акыларын, көрсөтүлгөн кызматтарды сатуу жүргүзгөн уюмдар 2280-сап боюнча комиссиялык сыйлыктын суммасын көрсөтүшөт.

Алмашуу (бартер) келишими, товардык кредит жана эмгек акынын эсебинен өзүнүн кызматкерлерине бериле турган, жибериле турган

товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, баалана турган товарлар (кызматтар), жүктөлгөн (аткарылган) мезгилде эсептелген, ошондой эле же ага окшош товарларды жана кызматтарды сатуу учурунда орточо баада бааланат, ал эми, эгерде, ошондой же ага окшош продукцияларды (кызматтарды) сатуу жок болсо, анын акыркы сатылган баасы алынган мезгилдеги баада, бирок иш жүзүндөгү өз наркынан төмөн эмес баада бааланат.

Экспортко коюла турган товарлар (аткарылган иштер, көрсөтүлгөн кызматтар), товарлар жүктөлүп жиберилген датага карата - КНСсиз, акцизсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз (аткарылган иштер, көрсөтүлгөн кызматтар) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында котирвкалана турган сомдун курсу боюнча кайра эсептелген контракттык баалар боюнча киргизилет.

Ушул сап боюнча төмөнкүлөр чагылдырылбайт: өздүк эмес өндүрүштүк сатылган товарлардын наркы, ошол юридикалык жактын башка бөлүмдөрүнө берилген товарлардын наркы, ошол юридикалык жактын бир бөлүмүнүн башка бөлүмдөрүнө көрсөтүлгөн кызматтары, алмашуу (бартер) келишими боюнча алынган прдукцияны сатуудан кирешелер, аны алдын ала кайра иштетилбеген, товардык кредит; керектөөчүлөргө товарларды (жумуштарды, кызматтарды) акысыз берилген наркы, ошондой эле негизги каражаттардан, материалдык эмес активдерден, материалдык-өндүрүштүк запастар (анын ичинде негизги каражаттарды чачыратуунун натыйжасында алынган материалдар), валюталык баалуулуктар, баалуу кагаздар, ошондой эле башка уюмдардын уставдык капиталдарга катышуусуна байланышкан келип түшүүлөр (баалуу кагаздар боюнча пайыздар жана башка кирешелер) чагылдырылбайт.

Бул бөлүмдүн **2280-сабында** ишканалардын толук көрсөткүчтөрү чагылдырылат, **22801-сабында** ишмердиктин негизги түрлөрү боюнча, ал эми **22802-22806 сабтарында** ишмердиктин негизги эмес түрлөрү боюнча толтурулат. Тийиштүү саптарын башындагы ишмердиктин негизги эмес түрлөрү боюнча маалыматтарды толтурууда ишмердиктин беш маанилүү коду көрсөтүлөт.

**2281-сабында** Өзү өндүрбөгөн материалдык-өдүрүштүк запастар: чийки заттар, материалдар (анын ичинде негизги каражаттарды чачыратуунун натыйжасында алынган материалдар), сатылып алынуучу жарым фабрикаттар, комплектөөчү буюмдар, күйүүчү май, куту жана куту материалдары, запастык бөлүктөр, курулуш материалдары, инвентарлар, атайын кийим жана атайын жабдуулар, чарбалык буюмдар, продукция өндүрүшү үчүн башка жактан сатылып алынган, бирок өндүрүш процессинде колдонулбаган башка материалдар, ошондой эле өндүрүштүк запастын эсептеринде эсепке алынган чийки заттын жана материалдардын калган сыныктары, кесиндилери жана ашыкчаларынын **башка жакка сатылган наркы 2281-сап** боюнча чагылдырылат.

**2282-сабында** 2220, 2221- жана/же 2112, 2116-саптардын ичинен чийки заттар, материалдар, жарым фабрикаттар, комплекттөөчү буюмдар, күйүүчү май, кутулар жана куту материалдары, запастык бөлүктөр, курулуш материалдары, инвентарлар, атайын кийимдер жана атайын жабдыктар, минералдык жана органикалык жер семирткичтер, өсүмдүктөрдү жана малды коргоо каражаттары, тоют, уруктар жана отургузуучу материалдар, чарбалык шаймандар жана башка материалдык баалуулуктардын сатылып алына турган, бирок отчеттук жылда кайра иштетүүсүз (иргөөсүз, колдонуусуз) продукция өндүрүү (кайрадан өндүрүү) үчүн сатылып алынган наркы 2283-сап боюнча келтирилет.

Ушул сап боюнча жалпы чарбалык жана башкаруучулук муктаждыктар үчүн сатылып алынган, бирок колдонулбаган, ал эми кийин башка тарапка сатылган материалдык баалуулуктардын сатылып алына турган наркы чагылдырылат.

2282-сап боюнча көрсөтүлгөн материалдык баалуулуктардын наркы 2281-сап боюнча сатылган баалары боюнча чагылдырылат.

**2283-сабында** Отчеттук жылдарда алып кайра сатуу үчүн сатылып алынган, товарларды кабыл алуу учурунда, алардын отчеттуулук жыл ичинде сатылгандыгына же калдык түрүндө кампада калгандыгына карабастан, кириштелген наркы **2283-сап боюнча** чагылдырылат.

Юридикалык жактарга, жеке ишкерлерге, элге сатуу (кайра сатуу) үчүн отчеттук мезгилде сатып алынган товарлардын наркы, иш жүзүндө алып сатуу наркы боюнча сатылып алынган, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган учурдарда, товарларды сатып алууга байланыштуу төлөнгөн, калыбына келтирилбей турган (КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз) суммалар ушул сап боюнча чагылдырылат.

2283-сап боюнча коомдук тамак-аш уюмдары тарабынан өзүнүн чекене соода (дүкөндөр, павильондор, чатырлар, киосктор, соода автоматтары) объекттери аркылуу кошумча кайра иштетүүсүз элге, же кесиптик колдонуу (кайра иштетүү же андан ары сатуу) үчүн жеке ишкерлерге же юридикалык жактарга кайра сатылган товарларга карата чыгымдар гана 2283-сап боюнча чагылдырылат. Ушул товарлардын сатылган наркы 2284-сап боюнча чагылдырылат.

1610 эсепте эсепке алынган, алып сатыла турган жана кулинардык азыктарды (тамактарды жана кулинардык азыктарды) даядоо үчүн коомдук тамак-аш уюмдарынын колдонуусу үчүн дайындалган товарлардын наркы, ошондой эле, кошумча кулинардык иштетүүсүз (кондитердик жана нан азыктар, жемиштер жана башкалар) ресторандар, кафе, барлар, ашканалар, закусочныйлардын тамактануу залдарында сатылган, алып сатыла турган товарлардын наркы 2283-сап боюнча көрсөтүлбөйт, алар 2220-сап боюнча чагылдырылат.

Уюмдар (комитеттер, ишеним көрсөтүүчүлөр, принципиалдар) тарабынан сатылып алынган жана башка уюмга же жеке ишкерге (комиссионерге, ишеним берилген же агентке) сатуу үчүн берилген

товарлардын наркы, 2283-сап боюнча ошол товарлардын ээлери чагылдырат.

Алып сатыла турган энергияны (электрдик, жылуулук) газды, сууларды сата турган уюмдар алардын алып сатыла турган наркын ушул сап боюнча чагылдырылат.

Алмашуу (бартер) келишими, товардык кредит боюнча алынган жана алдын ала иштетүүсүз кайра сатуу үчүн дайындалган товарлардын наркы да ушул сап боюнча чагылдрылат.

Ошентип, алып сатуу үчүн сатылып алынган жана 1610 эсептин дебетинде эсепке алынган товарлар ушул сапта чагылдырылат.

Эгерде, товарлар алып кайра сатуу үчүн сатылып алынса, бирок иш жүзүндө өндүрүшкө жана продукцияны (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) сатуу үчүн колдонулса (кредит 1610 - дебет 1620; кредит 1620 - 1630 эсептин дебети жана топтордун 7000-8000 эсептери), алардын наркы 2283-, боюнча чагылдырылбайт, алар 2220-, 2113-саптар боюнча чагылдырылышы керек.

**2284-сабында** кайра сатуу үчүн башка жактан сатылып алынган товарлардын: алардын наркы сатылган продукциянын өздүк наркына киргизилбейт, тескерисинче сатып алуучулар тарабынан өзүнчө калыбына келтирилүүгө жаткан, кайра сатуу үчүн же комплектациялоо үчүн дайындалган даяр буюмдар, атайын сатып алына турган буюмдар, материалдар, продукттар чагылдырылат. Мындай товарларды сатып алуу 1610 “Товарлар” жана 1691 “Сатылбаган соодалык үстөк баа” эсептери боюнча чагылдырылган.

Транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды тартуу менен энергияны, газды, сууну кайра сатуу 2284-сап боюнча көрсөтүлөт.

Сатып алынуучу газды акыркы керектөөчүлөрдүн арасында сата турган уюмдар (аны өндүрүштүк же коммуналдык макстаттарга колдонууучу эл жана уюмдар) аны түйүндөр боюнча транспортировкалоо үчүн башка уюмдарды ишке тартуу аркылуу 2284-сап боюнча сатылган газдын наркы чагылдырылат. Башка жактан сатылып алынган газ жана отунду экспорттоочу же газ бөлүштүрүүчү уюмдарга, ошондой эле газды кошулмалардан тазалоо жүргүзүүчү уюмдарга, жеке ишкерлерге аны кайра сатуу жүргүзгөн уюмдарга, ошондой эле суюлтулган газды өндүрүүчү же баллондорго газды толтуруучулар тарабынан сатылган газүлгүсүндөгү күйүүчү майдын наркы 2284-сап боюнча чагылдырылат, ал эми 5. бөлүгүндө - ЭИМК 46.71.1 коду боюнча чагылдырылат.

Элге баллондордогу газды, көмүрдү, жыгач отунду сатуучу уюдар, сатуунун бүт наркын 2284-сап боюнча чагылдырат, ал эми ал 5. бөлүгүндө - ЭИМК 47.78.0 коду менен чагылдырылат.

Комисиянын келишимдери, тапшырмалары боюнча же агенттик келишимдер боюнча башка жактын кызыкчылыктарында соода иштерин жүргүзүүчү уюмдар (коммиссионерлер, текшерүүчүлөр, агенттер) 2284-

сапты толтурбайт, себеби 2284-сап боюнча сатылган товарлардын наркын ошол товарлардын ээлери - комитенттер, ишеним кат берүүчүлөр, принципалдар болуп саналган уюмдар тарабын чагылдырылат.

Ушул сап боюнча коомдук тамак-аш уюмдары (ресторандар, кафе, барлар, ашканалар, закусочныйлар жана башкалар) тарабынан өзүнүн чекене соода объектилери: дүкөндөр, павильондор, чатырлар, киосктор жана ушуга окшош объекттери аркылуу элге сатылган кондитердик жана нан азыктары, жемиштер, суусундуктар, жана кулинардык иштетүүсүз сатып алына турган башка товарлар чагылдырылат.

Жеринде керектөө үчүн ресторандардын, кафенин, барлардын, ашканалардын, закусочныйлардын тамактануу залдарында сатылган жана менюга киргизилген ага окшош товарлар 2280-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, коомдук тамак-аш уюму кулинардык иштетүүсүз сатып алына турган товарларды профессионалдык колдонуу үчүн юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге кайра сатса, анда алардын наркы, анын ичинде соодадагы үстөк баа дагы 2284-сап боюнча чагылдырат. Алмашуу (бартер) келишими боюнча алынган товардын, ошондой эле товардык кредит келишими боюнча кайра иштетүүсүз башка тарапка сатылган товарлар, эмгек акынын эсебинен өзүнүн кызматкерлерине сатылган товарлар 2284-сап боюнча чагылдырылат.

Эгерде, алардын сатылып алынышы “Товарлар” 1610 эсепте, ал эми сатуу - “Киреше” 6100 эсебинде эсепке алынса, анда кайра сатуу үчүн сатылып алынган кыймылсыз мүлк объектисинин сатылган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат.

Куруучу-уюмдар (тапшырыкчылар) курулушка тартылган подряддык курулуш уюмдары тарабынан курулган кыймылсыз мүлк объекттеринин сатылган наркы ушул сап боюнча чагылдырылат. Көрсөтүлгөн мүлктүн сатып алына туран наркы 2283-сап боюнча чагылдырылышы керек. 2284-сап боюнча маалыматтар КНСсиз, акциздерсиз жана ага окшош милдеттүү төлөмдөрсүз, иш жүзүндө сатылуучу бааларда көрсөтүлөт.

Өздүк негизги каражаттар, материалдык эмес активдер, валюталык баалуулуктар, баалуу кагаздар, ошондой эле башка уюмдардын уставдык капиталдарына (анын ичинде баалуу кагаздар боюнча пайыздарга жана башка кирешелерге) катышууга байланышкан башка келип түшүүлөр ушул сап боюнча көрсөтүлбөйт.

**2285-сапта** зыян, уурдоо же капысынан бузулушунун натыйжасында, чийки заттардын, материалдардын, товарлардын, даяр продукциялардын ченем чегинде жоготууларынын наркы чагылдырылат.

**2286-сапта** отчеттук мезгилде негизги фондго киргизилген жеке өндүрүштүн продукциясынын наркы көргөзүлөт.

## 2.4-бөлүм. Өз ара эсептешүүлөрдүн абалы

**1-графанын 2301-сабында** сатып өткөрүү аркылуу жана бартер боюнча жөнөтүлгөн жана жүктөлгөн продукциянын бүт көлөмү, ошондой эле даяр продукциянын жана жарым фабрикаттардын, материалдык жана башка баалуулуктарды түз алмашуунун, берилген электр энергиянын, суунун, буунун көлөмү, тапшырыкчыларга берилген жана аткарылган жумуштар, жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык көлөмү ж.б. чагылдырылат; ал эми соода, материалдык-техникалык камсыздоо жана сатуу ишканалары дүң сатуу дүкөндөр аркылуу кампадан берилген кошумча баасы менен сатылган продукциянын көлөмүн чагылдырышат, же эсептерге катышуу менен, же катышсыз транзит боюнча, кошумча нарк салыгы, акциздер жана сатуу салыгы жок сатылган продукциянын көлөмүн чагылдырышат; жашылча сактагычтар болсо, сатып өткөрүү баасы боюнча сатылган продукциянын бардык көлөмүн көрсөтүшөт, буга аталган өлкөлөрдүн ишканаларына кошумча нарк салыгысыз, акцизи жок жана сатуудан алынган салыгы жок сатып өткөрүлгөн продукциянын жалпы көлөмү, ошондой эле иштетүү үчүн берилген жана малга тоют катары бөлүнгөн продукция да кирет (2302-2315-саптар).

**«Бартер» 2301-саптын 2-графасында** бартер боюнча жөнөтүлгөн продукциянын, аткарылган жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат. ФОЭС боюнча эсеп жүргүзгөн ишканалар 2-графада отчеттук мезгилде төлөнгөн дебитордук карызды көрсөтүшөт.

**«Финансылык салымдар» 2301-саптын 3-графасында** КМШ өлкөлөрүнүн жана башка мамлекеттердин бөлөк ишканаларынын депозиттик салымдарына, баалуу кагаздарына, уставдык фонддоруна ишкананын узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү инвестициялары көрсөтүлөт, ошондой эле чарба жүргүзүүчү башка субъекттерге берилген насыялар жана зайымдар чагылдырылат.

**2301-саптын 4-7-графаларында** ишкананын мөөнөтү өткөн карызы менен бирге кредитордук жана дебитордук карыздарынын абалы чагылдырылат. Дебитордук жана кредитордук карыздардын көлөмүнө кардарларга жана жабдуучуларга товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн, бюджет менен эсептешүү, персоналдардын эмгек акысы жана башка операциялар, берилген (алынган) аванстар, төлөнүүчү (алынуучу) дивиденддер, социалдык камсыздандыруу, туунду ишканалар, башка дебиторлор жана кредиторлор менен болгон карыздардын көлөмү кирет. Узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү ссудалар, банктын узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү насыялары, башка насыялар боюнча карыздар кирбейт.

**8-9-графаларда** тартылган зайымдар, насыялар жана ссудалар боюнча карыздар чагылдырылат.Эл аралык уюмдардан жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн Өкмөттүн кепилдиги боюнча алынган насыялар жана зайымдар боюнча карыздар «Башка өлкөлөр» аттуу **2315-сапта**

чагылдырылат, ал эми КМШ өлкөлөрүнүн банктарынан жана уюмдарынан алынган насыялар, тиешелүүлүгүнө жараша, **2302-2306-2308-2314-саптар** боюнча чагылдырылат.

2302-саптан 2315-сапка чейинки 1-графадан 9-графага чейин КМШ, Балтия жана алыскы чет мамлекеттердин маалыматтары чагылдырат.

## 3. ӨНӨР ЖАЙ ИШМЕРДИГИ

**3-бөлүмдү** өнөр жай ишканалары жана өнөр жай ишмердигин жүргүзүшкөн экономиканын башка тармактарынын ишканалары жана уюмдары толтурушат.

Эгерде өнөр жай продукциясын өндүрүү ишкананын негизги ишмердиги болбосо, өнөр жай экономикалык ишмердигинин түрүн көрсөтүш керек.

**301-сапта** продукциянын (товардын, кызмат көрсөтүүнүн) көлөмү ишкананын анык иш жүзүндө баасында кошумча нарк салыгын, акциздик салыкты эсептелбей чагылдырат.

Сыртка, өзүнүн капиталдык курулушуна жана өзүнүн өнөр жайлык эмес бөлүмчөлөрүнө сатуу үчүн арналган, өзүнүн кызматкерлерине эмгек акы эсебинде бере турган жана өнөр жай мүнөзүндөгү тапшырык менен аткарылган бардык иштеп чыгарылган даяр буюмдардын, өзү иштеп чыгарган жарым фабрикаттардын наркы өнөр жай ишканаларынын нарк түрүндөгү продукциясы болуп эсептелет. Даярдоочу-ишкана акы төлөбөгөн кайра иштетилүүчү чийки заттан жасалган даяр продукциянын (товардын, кызмат көрсөтүүнүн) көлөмүнө иштетүү наркынын көлөмү кирет, б.а. кайра иштетилүүчү чийки заттын наркын эсепке албаганда.

«Продукциянын (товардын, кызмат көрсөтүүнүн) көлөмү, ишкананын иш жүзүндө баасы менен» көрсөткүчүн аныктоодо продукция отчеттук мезгилдеги иш жүзүндөгү баасы менен берилет. Баа өзгөрүлө турган болсо, жаңы баа киргизилгенден кийин иштеп чыгарылган продукция кайрадан бекитилген баада бааланат. Муну менен өндүрүштүн продукциясынын динамикасын нарктык жана натуралай түрдө байланыштыруу керек.

**302-сапта өндүрүштүк мүнөздө көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү** белгиленет.

Өндүрүштүк мүнөздөгү жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр - жеке ишкана, өндүрүштүк эмес чарбалар менен уюмдар же сырткаркы тапшырыктар үчүн аткарылган жумуштар менен кызмат көрсөтүүлөр. Аларга: жабдууларды, механизмдерди, шаймандарды жана башка продукцияларды ондоо жана модернизациялоо; башка ишканалар даярдаган буюмдар толук даяр болгончо материалдарды жана бөлүктөрдү аз-аздап иштетүү боюнча өз алдынча операциялар; сырттан алынып келген продукцияны өлчөп ороо жана куюштуруу; жабдуунун

тапшырыкчысынын өзүнүн өндүрүшү сыяктуу эле, монтаж, аракетке келтирүү жана жөнгө салуу.

**303-сапта** иштетилип кайра берилүүчү чийки заттын жана материалдардын наркы **чагылдырылат.**

Кайра берилүүчү чийки зат бул - тапшырыкчыга таандык, бекитилген келишимдерге ылайык андан продукция өндүрүү үчүн өнөр жай кайра иштетүүчү башка ишканаларга берилген чийки зат.

**«Өз өндүрүшүнүн продукциясы жөнөтүлдү (КНС жана акциз кирбейт)» 305-сапта** (**304-сап** квартал боюнча отчетто) отчеттук мезгилде чындыгында жөнөтүлгөн продукциянын наркы (тапшырыкчыларга акт боюнча ордунда тапшырылган продукцияны кошкондо) ишкананын эсебине акча түшкөн-түшпөгөндүгүнө карабастан, КНС жана акцизсиз тапшырыкчы кабыл алган аткарылган товар жана кызмат көрсөтүүлөр көрсөтүлөт.

Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү продукцияны даярдоочу кампадагы даяр буюмдардын калдыктарынын чоңдугуна карата продукциянын (жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмүнөн айырмаланат.

**305-сап** боюнча квартал үчүн отчетто жөнөтүлгөн инновациялык өнөр жай продукциясынын көлөмү жөнүндө маалыматтар менчик өндүрүштүн жөнөтүлгөн товарларынын жалпы көлөмүнөн бөлүнөт.

**Инновациялык өнөр жай продукциясы** деп, акыркы үч жылдын ичинде (отчеттук мезгилди ичине камтыганда) ар түрдүү технологиялык өзгөрүүлөргө туш болгон продукция, өзгөчө:

маанилүү технологиялык өзгөрүүлөргө туш болгон же кайрадан киргизилген (принципиалдуу жаңы) продукция. Бул продукция үчүн колдонуу (пайдалануу) тармагы, ишке кирүү мүнөзү, белгилери, конструктивдик аткаруу, жумшалган материалдар жана компоненттер маанилүү деңгээлде өзгөчөлөнүү менен дүйнөдөгү мындан мурда чыгарылган продукцияга салыштырмалуу жаңы болот; өркүндөтүлгөн продукция, б.а. өлкөдө, дүйнөдө бар продукция, маанилүү деңгээлде өркүндөп-өскөн же модификацияланган (сапаттык мүнөздөмөсү, экономикалык таасирдүүлүгү жакшыртылган ж.б.у.с.);

жаңы өндүрүштүк жабдууларды, өндүрүштүк уюмдардын же алардын жыйындысынын жаңы ыкмаларын колдонуунун алдын алган жаңы же өнөр жай ыкмалары менен бир кыйла өркүндөтүү киргизилген башка инновациялык продукция. Эреже боюнча бул ишканада чыгарылган же продукциянын негизги өздөштүрүлгөн алдыңкы тажрыйбасына тиешелүү.

Инновацияга продукциянын табигый өзгөрүүсү (өңү, декору, ж.б.у.с.) анча маанилүү эмес техникалык же продукциянын тышкы өзгөрүүсү, анын түзүлүшүндөгү аткаруусунун өзгөрүлбөй турганын калтыруучу жана анын параметрлерине (касиети, буюмдун наркы, жана

да ага кирген материал менен компоненттердин) анча таасир бербегени кирбейт.

**309-сапта** орточо эмгек акы үчүн кабыл алынган өнөр жай өндүрүшүндө иштеген адамдардын саны чагылдырылат.

**310-сапта** өнөр жай өндүрүшүндө иштеген адамдардын эмгек акы фонду көрсөтүлөт.

**3.1-бөлүмдө** табигый түрдөгү өнөр жай продукциясын өндүрүү ишкана өндүргөн продукциянын бардык номенклатурасы боюнча чагылдырылат. Отчетто толук чийки заттан иштетилип чыккандай эле, калдыктардан, ишкананын материалдырынан, тапшырыкчынын чийки заты менен материалдарынан иштетилген буюмдарды өндүрүү жөнүндөгү маалыматтар дагы берилет.

**3.2-бөлүмдө** (жыл ичиндеги отчетто) пайдаланылган электр энергиясы жөнүндө маалыматтар толтурулат.

## 4. ИНВЕСТИЦИЯ ЖАНА КУРУЛУШ ИШМЕРДИГИ

### 4.1-бөлүм. Инвестиция ишмердиги

**401-сапта** ишкананын балансына эсепке киргизилген иштеп жаткан объекттин наркынын кабыл алуусу жөнүндөгү маалыматтардын негизинде киргизилген негизги фонддор көрсөтүлөт.

Бош саптарда курулуш объектисинин тиби боюнча: ишке киргизилген цехтер, фабрикалар, ишканалар, заводдор, турак жайлар, дүкөндөр, АЗС, кафе, мейманканалар, ж.б.у.с. (бекитилген актылар боюнча белгиленген тартипте) ишке киргизилиши чагылдырылат.

**402-сапта** иштеп жаткан негизги фонддордун жаңысын түзүү, кеңейтүү жана кайрадан ондоого багытталган чыгымдар жөнүндө маалыматтар чагылдырылат. Инвестицияларга подряддык иштердин көлөмүнүн, жабдууларды монтаждоонун, курулуштун сметасында алдын ала каралып чыккан жабдуунун (монтаж талап кылынган жана талап кылынбаган), курулуштун сметасына киргизилген аспаптардын жана шаймандардын, курулуштун сметасына киргизилбеген машина жана жабдуулардын, башка капиталдык чыгымдардын наркы киргизилет.

Аткарылган көлөм (1-графа) бардык саптарга (2-7-графалар) каржылоо булактары боюнча бөлүштүрүлөт.

**403-сапта** отчеттук жылда берилген объекттердей эле, кийинки жылга өтүүчү курула турган подряддык жана чарбалык жол менен аткарылган подряддык иштердин жалпы көлөмү чагылдырылат.

**404-сапта** машинанын жана жабдуулардын бардык түрлөрүнүн (ата мекендик жана чет элдик, курулуштун сметасына киргизилген жана киргизилбеген, монтаж талап кылынган жана талап кылынбаган, ошондой эле стандартташтырылбаган) наркы көрсөтүлөт.

**405-сапта** отчеттук жылдын башына карата бүтө элек курулушка инвестиция чагылдырылат, **406-сапта** - отчеттук жылдын аягына карата.

***Бүтө элек курулуштун көлөмүн (бир жылга толтурулат)*** салынып жаткан объекттин курулушу башталгандан пайдаланууга берилгенге чейинки анык жүргүзүлгөн чыгымдары түзөт. Бул чыгымдар подряддык иштердин же башка жумуштардын аткарылган көлөмүнүн наркынан, орнотулган жабдуунун жана ушул объекттерде монтаждалып жаткан жабдуулардын баасынан, аймактык курулушту өздөштүрүүгө кеткен чыгымдардан жана көрсөтүлгөн объекттин курулушуна байланыштуу башка чыгымдардан турат.

Бүтө элек курулуштун объектисине куруу иштери улантылып жаткан, убактылуу токтотулган, токтотулган же таптакыр токтотулган, бирок кабыл алуу акты бекитилбеген объекттер кирет.

Бош саптарда курулуп жаткан объекттердин дайындоосунан тышкаркы экономикалык ишмердигинин түрү боюнча бөлүштүрүлгөн ишканалардын (объекттердин) курулушу жөнүндө маалыматтар берилет.

**407-сапта** туризм объектилеринин иштеп жаткан негизги фонддорунун жаңысын түзүү, кеңейтүү жана кайрадан ондоого багытталган чыгымдар жөнүндө маалыматтар чагылдырылат. Туризм объектисине төмөнкүлөр кирет:

- коммерциялык объекттер (курорттук зоналардагы ресторандар, театрлар, казино, соода жана тейлөө ишканалары);
- рекреациялык объекттер (туристтер пайдалануучу лыжа базалары, бассейндер, спорт аянттары жана башкалар);
- жарандык объекттер (туристтер пайдалануучу автомобиль жана темир жолдор, аэропорттор, телекоммуникация объекттери жана башкалар);
- эс алууга багытталган үйлөр (курорттук зонадагы туристтер пайдалануучу дачалар, коттедждер, турак жай комплекстери).

**408-сапта** туризм объектилеринде подряддык жана чарбалык ыкма менен аткарылган подряддык иштердин көлөмү чагылдырылат.

**409-сапта** туризм объектилеринде алынып келинген жана бекитилген, ата мекендик жана чет элдик, курулуштун сметасына киргизилген жана киргизилбеген, монтаж талап кылынган жана талап кылынбаган машинанын жана жабдуулардын бардык түрлөрүнүн наркы көрсөтүлөт.

**418-сапта** негизги каражаттарды капиталдык ондоого багытталган чыгымдар, **419-сапта** - негизги каражаттардын кезектеги ондоого кеткен чыгымдары чагылдырылат.

**4.1.3-бөлүмчөдөгү** пайдаланылган инвестициянын, аткарылган подряддык иштердин көлөмү, жабдуулардын, аспаптардын, шаймандардын, бүтө элек курулуштун, негизги каражаттардын наркы, капиталдык жана кезектеги ондоо иштери алардын өздөштүрүү орду боюнча бөлүштүрүлөт (республика, облус, район, шаар, шаар тибиндеги кыштак, айылдык аймак).

### 4.2-бөлүм. Подряддык курулуш ишмердиги

**410-сапта** каржылоо булагынан көз карандысыз болгон генералдык, түз, субподряддык келишим менен аткарылган подряддык иштердин наркы көрсөтүлөт. Бул сапка өз күчү менен аткарылгандай эле, уюмдарды тартуу менен аткарылган жумуштар да кирет.

**411-сапта** бардык каржылоо булактарынын эсебинен генералдык, түз, субподряддык келишим менен аткарылган жаңы курулуш, реконструкциялоо, кеңейтүү, техникалык жаңы курал жабдык менен жабдуу боюнча (отчет берген уюмдун жеке курулушун кошкондо) **өз күчү менен аткарылган подряддык иштердин көлөмү** чагылдырылат,

Подряддык иштердин көлөмү базар мамилелеринин таасириндеги базистик нарк жана кошумча чыгымдардын негизинде аныкталат.

**411-сапта капиталдык (412-сап.) жана кезектеги оңдоо иштери (414-сап.) көрсөтүлүп турат,** анын ичинде имараттардын жана курулмалардын **(413-сап жана 415-саптар,** тиешелүүлүгүнө жараша), **416-сапта** - жеке үй куруучулар үчүн подряддык иштердин көлөмү.

**417-сапта** долбоорлоо-иликтөөчү уюмдар аткарган иштин көлөмү чагылдырылат.

## 5. СООДА, МЕЙМАНКАНАЛАР, РЕСТОРАНДАР

**5-бөлүмдү экономикалык имердүүлүгүнүн түрү** дүң жана чекене соода, автоунааларды техникалык тейлөө жана оңдоо болгон ишканалар, ошондой эле мейманкана жана кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган башка жайлардын, ресторан, бар, ашкана, кафе жана башка тамактануу ишканаларынын кызмат көрсөтүүлөрүү ишканалар толтурушат.

Эгерде жогорудагы көрсөтүлгөн экономикалык ишмердиктин түрлөрү ишкана үчүн негизги болбосо, мындай ишмердиктин түрлөрүнүн жүгүртүүсү 2.1.1-бөлүмдүн 2001-сабында көрсөтүлгөн түшкөн акчанын жалпы көлөмүнө кирет жана 2051-саптан 2080-сапка чейинки экономикалык ишмердиктин түрлөрүнө бөлүштүрүлөт.

***Чекене соода жүгүртүү*** - калкка КНС, акциздерди жана башка сатуу (кызмат көрсөтүүлөр) салыктарын кошкондо товарды толук сатыла турган баасында сатуу.

Анын курамына төмөнкүлөр кирет:

- ушул ишканага таандык болгон жана ижарага алынган дүкөндөр, чатырлар, күркөлөр, дүкөнчөлөр, автоматтар, ашканалар, буфеттер, ташып таратуу, таркатуу жайлары жана башка соода түйүндөрү аркылуу товарларды акчалай сатуу;
- калкка банктардын эсеп-кысап чектери менен, салым ээлеринин эсебинен (алардын тапшырмасы боюнча) которуу ж.б.у.с. жолу менен товарларды сатуу;

Товар жүгүртүү эсебине жаңы товарлар гана эмес, пайдаланылгандар дагы толук сатыла турган баасында кирет.

Бул бөлүмдө **автоунааларды жана мотоциклдерди техникалык жактан тейлөө жана оңдоо (503-с.)** боюнча кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**«Дүң соода»** аттуу **505-**сапта дүң сооданын жалпы көлөмү көрсөтүлөт, түшкөн акчанын жалпы көлөмүнө керектөө товарлары менен өндүрүштүк-техникалык багыттагы товарларды сатуу киргизилет.

**502-505-507-510-саптарда** товарларды жана даяр тамак-ашты сатуудан түшкөн акча көрсөтүлөт.

**Маалымдама: 502-507-**саптан Интернет аркылуу сооданы жүгүртүү көлөмү бөлүнүп көрсөтүлөт.

**503-509-сапта** көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн акчанын көлөмү көрсөтүлөт, ал эми **503-сапка** автотранспорт каражаттарын сактоо көлөмү эсепке кирбеши керек.

**«Агенттер аркылуу соода кылуу (сый акысы же келишимдин негизинде)»** аттуу **504-сапта** товардын наркысыз комиссиялык өлчөмдөгү түшкөн акчанын көлөмү көрсөтүлөт.

2-графанын ар бир сабында товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн дүң киреше көрсөтүлөт.

Соода ишканалары үчүн дүң киреше деп, товарды сатуу жана сатып алуунун ортосундагы айырмачылыктар эсептелет, салык жана акциздерсиз, анткени бул салыктардын түрлөрү сатып алуучу төлөп жаткан товардын баасына киргизилген. Тажрыйба көрсөткөндөй, соода ишканаларынын көтөрүлгөн баасы соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмүнүн 10-50 пайызын түзөт. Көтөрүлгөн баа товарларды сатып өткөрүү, ишкананы кармап туруу, иштеген адамдардын эмгек акысы, башка чыгымдар жана ишмердиктен алынган пайдалардын чыгымдарын камсыздоо керек. Эгер ишкана финансы отчетторунда көрсөткөн дүң киреше чыгашалардан төмөн болуп калса, форманы толтурууда каталар кеткендигин билдирет жана №1-ФЧИ-микро формасынын 2.3-бөлүмүнө же финансы көрсөткүчтөрүнүн отчетуна оңдоолорду киргизүү керек.

Кызмат көрсөтүүчү ишканалар үчүн дүң киреше - бул кызмат көрсөтүүлөрү үчүн алган (кошумча нарк салыгы, жергиликтүү салыктар, акциздер алынып салынган) сумма деп эсептелет.

## 4-бөлүм (кварталдык отчеттуулук)
## САТУУЛАРДЫН ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН КӨЛӨМҮ

**Экономикалык имердүүлүгүнүн түрү** дүң жана чекене соода, мейманкана жана кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган башка жайлардын, ресторан, бар, ашкана, кафе жана башка тамактануу кызматын көрсөтүү, ошондой эле автоунааларды техникалык тейлөө жана башка рыноктук кызмат көрсөтүү болгон ишканалар толтурушат.

**501-сап** "Дүң соода" - жаңы же колдонулган товарларды чекене сатуучуларга, өндүрүштүк, соода, мекемелик же кесиптик пайдалануучуларга же башка дүңүнөн сатуучуларга кайра сатуу

(өзгөртүүсүз сатуу). Агенттер аркылуу (акы төлөнүүчү же келишимдик негизде) дүң сооданы - башка жактардын же фирмалардын атынан же алардын эсебинен бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруучу агенттердин (ортомчулардын) ишмердиги; сатуучуларды сатып алуучулар менен тартуу же же комитенттин атынан коммерциялык операцияларды жүргүзү менен байланышкан иш-аракеттер да кирет. Товардын наркын эсепке албаганда, комиссиялык төлөмдөрдүн өлчөмүндө кирешенин суммасы көрсөтүлөт.

**502-сап** "Чекене соода" - дүкөндөр, универмагдар, күркөлөр, почта аркылуу буйрутмаларды аткаруучу фирмалар, керек-жарак кооперативдери, аукциондук сатууну уюштуруучу фирмалар тарабынан жеке керектөө же үйдө колдонуу үчүн жаңы жана колдонулган товарларды кайра сатууну (өзгөртүүсүз сатууну) камтыйт.

**503-сап** "Мейманканалар" кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган жайларды берүү кызмат көрсөтүүлөрүн камтыйт. Мейманканалардын, отелдердин, мотелдердин, конок үйлөрүнүн, туристтик базалардын, санаторийлердин ж.б. ишмердүүлүгүн камтыйт.

**504-сап** "Ресторандар, кафелер, ашканалар жана башкалар" даярдалган тамак-аш менен камсыз кылуу боюнча мобилдик жана башка кызматтарды көрсөтүү боюнча кызматтарды камтыйт.

**505-сап** "Кыймылсыз мүлк операциялары" - кыймылсыз мүлктү сатуу же сатып алуу, кыймылсыз мүлктү баалоо же карызды төлөгөндөн кийин кайтарып берген кредитор тарабынан мүлктү алуу боюнча ижарага берүүчүлөрдүн, агенттердин же ортомчулардын ишмердигинен кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү; мүлктү башкаруу жана менчик укуктарын аныктоо.

**506-сап** "Рыноктук кызмат көрсөтүүлөр" транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик, административдик жана көмөкчү ишмердик, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу жаатындагы кызмат көрсөтүүлөрдү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү камтыйт.

**507-сап** компьютердик тармактардын жардамы менен («Интернет») заказдарды кабыл алуу же жайгаштыруу максатында атайын иштелип чыккан ыкмалар менен жүргүзүлгөн сооданын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жүгүртүүсү жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

## 5-бөлүм (кварталдык отчеттуулук)
## ТРАНСПОРТ ИШМЕРДИГИ

**611-сапта** жүк ташуучу унаалар (анын ичинде пикап, жеңил фургондор, жүргүнчү ташыгычтар, чиркегичтер жана жарым чиркегичтер) менен ташылган жүктөрдүн көлөмү көрсөтүлөт.

***Жүк ташуу (жүк ташуунун көлөмү)*** - автомобиль транспорту менен ташылган жүктүн көлөмү, тонна менен. Автомобиль транспорту менен

жүк ташуулар, транспорт уюмдары жана жеке ишкерлер тарабынан аткарылган жүктөрдүн коммерциялык ташуулары жөнүндө маалыматтарды чагылдырат.

**612-сап** - жүк ташуучу унаалардын жүк ташуусунун жүгүртүү көлөмү.

***Транспорттун жүк ташуусунун жүгүртүүсү*** - жүктөрдү ташуу боюнча транспорттук иштердин көлөмү. Өлчөө бирдиги тонна-километр, б.а. 1 тонна жүктүн 1 километр аралыкка ташылышы. Тонна менен ташылган жүктүн ар бир жөнөтүлүшүнүн салмагын ташуу аралыкка көбөйтүү жолу менен аныкталат, андан кийин бардык сапарлар боюнча суммасын кошуу менен аныкталат.

**613-сап** - автобустар, микроавтобустар, таксилер менен ташылган жүргүнчүлөрдүн саны.

***Транспорт менен жүргүнчүлөрдү ташуу*** - транспорттун бардык түрлөрү менен өлкөнүн ичинде жана эл аралык каттамда ташылган жүргүнчүлөрдүн санын мүнөздөйт.

**614-сап** - автобустардын, микроавтобустардын, таксилердин жүргүнчүлөрдү ташуусунун жүгүртүү көлөмү.

***Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүүсү*** - жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча транспорттук иштердин көлөмү. Өлчөө бирдиги жүргүнчү-километр, б.а. жүргүнчүнү 1 километр аралыкка жеткирүү. Ар бир ташуу позициясы үчүн жүргүнчүлөрдүн санын ташуу аралыгына көбөйтүү жолу менен аныкталат, андан кийин бардык сапарлардын суммасын кошуу менен аныкталат.

## 6. РЫНОКТУК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

**6-бөлүмдү** транспорт ишмердигинде рынок кызмат көрсөтүүлөрүн көрсөткөн, жүк, маалымат жана байланыш, каржылык ортомчулугун сактоо, кыймылсыз мүлк операциясы, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик, административдик жана көмөкчү ишмердик, билим, ден соолукту чыңдоо жана калкты социалдык жактан тейлөө, исскуство, көңүл ачуу жана эс алуу, жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүчү ишмердиктер менен алектенген ишканалар толтурушат.

**Кызмат көрсөтүүлөр -** керектөөчүлөр тарабынан ишке ашырылып жаткан ишмердиктин түрлөрү, аларды аткаруу процессинде жаңы материалдык-буюмдук продукт жаралбайт, бирок болгон продукттун сапаты же ишмердиктин түрү өзгөрүлөт.

**Кызмат көрсөтүү көлөмү -** юридикалык жана жеке тарап көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн акчанын жалпы көлөмүн чагылдырат.

Кызмат көрсөтүү эсеби өндүрүү учурунда иш жүзүнө ашуу керек, бул керектөөчүгө кызмат көрсөтүлүп жаткан учурга дал келүүсү керек. Бул алар качан өндүргөн болсо да, акынын төлөнгөндүгүнө карабастан ошол мезгилге эсепке кириши керек, б.а. кошуп эсептөө ыкмасы менен.

«Рыноктук кызмат көрсөтүүнүн көлөмү жөнүндө» көрсөткүч КНС, акцииздер ж.б. салыктарды эсепке алуу менен ишканалардын негизги

жана кошумча ишмердиктеринен алынган акчалай кирешесинин суммасы чагылдырат.

**602-сапта** төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат: темир жол, түтүк өткөрүүчү, автомобиль, сууда жана абада жүрүүчү транспорт (ырааттамага баш ийүүчү жана баш ийбеген), терминалдардын жана транспорт туруучу жайлардын (темир жол, автобус станциялары сыяктуу) кызмат көрсөтүүлөрүн өзүнүн ичине камтыган көмөкчү ишмердиктер, жүктөрдү сактоо жана транспорттук иштеп чыгаруу; жана башка көмөкчү ишмердиктер; почта жана чабарман ишмердиги.

**603-сапта** 602-саптагы почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**604-сапта** төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат: программалык камсыздоону басып чыгарууну ичине камтыган басмакана ишмердиги; кинофильм, видео жана теле көрсөтүү программаларынын, үн жазуу жана обон чыгаруу, радио берүү жана телекөрсөтүү өндүрүшү; байланыш, маалымат технологиялар тармагындагы кызмат көрсөтүүлөр жана башка маалымат кызмат көрсөтүүлөр.

**605-сапта** 604-саптагы басмакана ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт: китептерди, журналдарды жана мезгилдүү чыгарылыштарды, даректүү китептерди жана башка басылмаларды, анын ичинде фото сүрөттөрдү, граврюраларды, календарларды, афишаларды басып чыгаруу, искусство чыгармаларын жана программалык камсыздоолорду көчүрүү (фильм өндүрүшүнөн башка).

**606-сапта** 604-саптагы кинофильм, видео жана теле көрсөтүү программаларын, үн жазуу жана обон чыгаруу өндүрүшү көрсөтүлөт.

**607-сапта** 604-саптагы радио жана теле берүүлөрдү камсыздап туруу, анын ичинде көңүл ачуучу маалыматтык берүүлөрдү, теледебаттарды кошкондо, жана радиорелейлик сызыктар, спутник, кабель теле көрсөтүүлөрү же Интернет аркылуу теле көрсөтүүнүн мазмунун жана ишмердигин кеңири жайылтуу укугун алуу көрсөтүлөт.

**608-сапта** 604-саптагы ар кандай байланыш каражаттарынын жардамы менен маалыматтарды жөнөтүү жана кабыл алуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү көрсөтүлөт, б.а., түшүрүлгөн сүрөттү, үн билдирүүлөрүн, сандык маалыматтарды, текстти, үн коштоо маалыматтарын кабель, радио берүүлөрү, релейлик жана спутник байланышы, телефон, телеграф байланышы жана телекс аркылуу жөнөтүү.

**609-сапта** 604-саптагы программалык камсыздоону иштеп чыгуу, кеңеш берүү жана башка эсептеп чыгаруучу техника тармагындагы ишмердиктин жана маалыматтык кызмат ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт: Интернеттен издөө порталдарынын

ишмердиги, маалыматтарды иштетип чыгуу жана жайгаштыруу, жана башка маалымат менен камсыздоо максатындагы ишмердиктер.

**Маалымдама: 609-саптан** Интернет аркылуу кызмат көрсөтүүнүн көлөмү бөлүнүп көрсөтүлөт.

**610-сапта** финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүнүн кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**611-сапта** ижарага берүүчүлөрдүн, кыймылсыз мүлктү сатуу жана сатып алуудагы агенттердин же ортомчулардын, кыймылсыз мүлктү ижарага берүү, кредитордун кыймылсыз мүлктү баалоо же карызды төлөгөндөн кийин кайтарып берген мүлктү алуусу; кыймылсыз мүлктү башкаруу жана кыймылсыз мүлккө менчик укугу бар экенин аныктоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү көрсөтүлөт.

**612-сапта** кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик тармактарынын кызмат көрсөтүү көлөмү чагылдырылат.

**613-сапта** 612-саптагы укук тармагындагы (соттордо же башка сот органдарында бир тараптын экинчи тарапка каршы кызыкчылыктарын өзүнө камтыган (жактоочулардын кызмат көрсөтүүлөрү): кеңеш берүү жана өкүлчүлүк: жарандык иштерде; жазык иштеринде; эмгек боюнча талаш-тартыштарга байланыштуу); жалпы суроолор боюнча сунуштар жана кеңештер, юридикалык документтерди даярдоо: мамлекеттик каттоо жөнүндөгү (кайра каттоо) күбөлүк жана/же юридикалык тараптын ишмердигинин токтотулгандыгын каттоо, юридикалык тараптын түзүлүшүнө байланышкан уюштуруучу жана каттоо документтери; патенттер жана автордук күбөлүктөр; юридикалык суроолор боюнча кеңеш берүү, жана бүтүмдөрдүн күбөлүгү боюнча нотариалдык документтердин долбоорун даярдоо; мамлекеттик жана жеке менчик нотариустардын, сот аткаруучулардын, калыс эксперттердин ишмердиги; компаниялар жана башка ишканалардын коммерциялык операциялары кирген бухгалтердик эсеп жана аудит; финансылык отчетторду даярдоо, аларды текшерип, аныктыгын далилдөө; жеке адамдарга жана ишканаларга кирешелер жөнүндө салык декларацияларын даярдоо; коомчулук менен байланышкан суроолор боюнча кеңеш берүү; коммерциялык ишмердик жана башкаруу боюнча кеңеш жана жардам берүү; архитектура тармагындагы кеңеш берүү (имараттарды долбоорлоо, иш чиймелерин түзүүнү кошкондо; шаарлардын долбоорун, ландшафт архитектурасын кошкондо); инженердик издөөлөр, өндүрүштүк имараттарды долбоорлоону кошкон техникалык сыноолор жана көзөмөлдөө боюнча кеңеш берүүлөр; инженердик, гидротехникалык курулмалардын курулушуна, транспорттук агымдын кыймылына байланыштуу машиналарды жана жабдууларды жайгаштырууну кошкондо, электротехника, электрондук техника, тоо иштери, химиялык технология, машина куруу, өнөр жай курулушу жана система техникасына, коопсуздук техникасына

байланышкан кайра иштетүү жана сатып өткөрүү долбоорлору; суу менен камсыздоо башкармалыгы; геофизикалык, геологиялык чалгындоо, сейсмографиялык ишмердик; геодезиялык иликтөө ишмердиги; картографиялык жана космостук маалыматтарды даярдоого байланыштуу ишмердик; инженердик тармактагы издөөлөр жана ушул эле тармактагы кеңеш берүү ишмердик көрсөтүлөт.

**614-сапта** 612-саптагы илимий изилдөөлөр жана иштелмелердин түрлөрүнүн: фундаменталдык, колдонмо изилдөөлөрү жана тажрыйбалуу иштелмелердин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**615-сапта** 612-саптагы жарнамалык компанияларды түзүү жана алып барууну камтыган жарнамалык ишмердик жана базарды үйрөнүү, массалык маалымат каражаттарында (гезиттерде, журналдарда, телекөрсөтүү; радио) жарнама берүү, жарнамалык компанияларды алып баруунун концепциясын иштеп чыгуу; башка кесиптик, адистештирилген илимий жана техникалык кызмат көрсөтүүнү (юридикалык жана бухгалтердик кызмат көрсөтүүлөрдөн башка, архитектура жана инженерия тармагындагы кызмат көрсөтүүлөр, көзөмөлдөө жана техникалык сыноо, башкаруу боюнча, илим тармагындагы жана жарнамалык кызмат көрсөтүүлөр); адистештирилген дизайнер ишмердиги, фото сүрөт ишмердиги, жазуу түрүндөгү жана оозеки котормо ж.б. камтыган кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**616-сапта** 615-саптагы айыл чарба жана үй жаныбарларын дарылоо жана алардын саламаттыгынын абалын көзөмөлдөөгө байланыштуу мал доктур ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**617-сапта** финансы эмес баалуулуктагы мүлктүн ижара жана лизинг боюнча белгилүү мезгил үчүн акы төлөнгөн кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт:

- жумушка орноштуруу боюнча ишмердик, персонал издөө, жумушка орношуу үчүн талапкерлерди тандоо жана тестирлөөнү кошкондо, убактылуу ишти аткарууда артыкчылыктуу болгон ишкананын жалданма жумушчулар менен келишим менен иштөөсүн камсыздоо жана башка ушул сыяктуу тейлөөлөр, жана агенстволордун персоналды жалдоо боюнча ишмердиги (анын ичинде кастинг боюнча); туристтик агенстволордун жана туроператорлордун ишмердиги, туризм тармагындагы брондоо жана башка ишмердик;

- тергөө жана коопсуздукту камсыздоону жүргүзүү, кароолчулар менен жансакчылардын ишмердигин кошкондо, акча жана башка баалуулуктарды ташуу учурунда баалуулуктарды коргоого үйрөтүлүп окутулган адистештирилген персоналдын жардамы менен чогултуу жана жеткирүү; электрондук коопсуздук системасы аркылуу көзөмөл жүргүзүү жана аралыктан башкаруу, анын ичинде сындырып ачууга каршы жана өрткө каршы системалар, аларды орнотуу жана тейлөө; механикалык

жана электрондук тосмо коюу түзүлүшүн, темир каалгаларды жана армирленген бөлмөлөрдү орнотуу жана оңдоо;

- имараттарды тейлөө жана ландшафтты өзгөртүү ишмердиги, буга имаратты жалпы пайдаланууга берүү ишмердиги кошулат, анын ичинде топтому менен тейлөө жана имараттагы бөлмөлөрдү тийиштүү абалда кармап туруу, бардык типтеги имараттардын ичиндеги бөлмөлөрдү тазалоо, бардык типтеги имараттардын тышын тазалоо, меш түтүктөрүн, каминдерди, жылытуучу каражаттарды, таштанды күйгүүчүлөрдү, бойлерлерди, желдетүүчү шахталарды, сордуруучу желдеткичтерди тазалоо, поезддерди, автобустарды, самолетторду ж.б.у.с. тазалоо; цистерна танкерлерди тазалоо; дезинфекция ишмердиги, имараттарды, сотторду, поезддерзи ж.б.у.с. дезинсекциялоо жана дератизациялоо; бөтөлкөлөрдү тазалоо; көпүрөлөрдү шыпыруу жана кар менен муздан тазалоо, ландшафтты өзгөртүү ишмердиги жана аймакты тийиштүү абалда кармап туруу; бул тейлөөлөрдү жол өтмөгүнүн, террасалардын, жасалма көлмөлөрдүн жана ушул сыяктуу курулмалардын тийиштүү планына же курулушуна ылайык жүргүзүү;

- администрациялык жана башка бизнести колдоого жана күнүмдүк канцеляриялык жана техникалык комплекстик кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга багытталган кошумча ишмердик.

**618-сапта** 617-саптагы туристтик агенттиктердин жана туроператорлордун ишмердигинин, туризм тармагындагы ээлеп коюу жана башка ишмердиктин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**Маалымдоо: 618-саптан** Интернет аркылуу кызмат көрсөтүүнүн көлөмү бөлүнүп көрсөтүлөт.

**619-сапта** билим берүү системасынын: мамлекеттик, бардык деңгээлдеги ар башка кесипке, күндүзгү же сырткаркы, радио жана телекөрсөтүү аркылуу жеке менчик билим берүүнүн кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**Маалымдама: 619-саптан** Интернет аркылуу кызмат көрсөтүүнүн көлөмү бөлүнүп көрсөтүлөт (дистанциялык билим берүү).

**620-сапта** саламаттыкты сактоо жана калкка кызмат көрсөтүү тармагындагы кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт, булар оорулууларды дарылоочу жана аларга кам көрүүчү оорукана мекемелери, санаторийлер, профилакторийлер, медициналык мекемелер, пациенттерди күндүзгү дарылоо менен алектенүүгө шарты бар, дартты аныктоо, кеңеш берүү жана дарылоочу психиатриялык ооруканалар, акыл эси кем адамдар үчүн ооруканалар, реабилитациялык борборлор, лепрозориялардагы жана башка медициналык мекемелер.

**621-сапта** 620-саптагы саламаттыкты сактоо тармагындагы кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**622-сапта** 621-саптагы санатордук-курорттук мекемелердин ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**623-сапта** 620-саптагы кам көрүүгө муктаж, оорукана мекемелеринен тышкары дарылануучу калкка социалдык кызмат көрсөтүү тармагындагы кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**624-сапта** исскуство, көңүл ачуу жана эс алуу, эс алууну, маданий жана спорттук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү ишмердигинин кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт, анын ичинде музейлерди, оюн залдарын, спорттук курулмаларды башкаруу жана ишке киргизүү ишмердиги.

**625-сапта** башка кызмат көсөтүү ишмердигинин, компьютерлерди, жеке пайдалануучу жана тиричилик буюмдарын оңдоо кызматы; башка жеке кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү киргизилет.

**626-сапта** 625-саптагы компьютерлерди, жеке пайдалануучу жана тиричилик буюмдарын оңдоо тейлөөсүнүн жана компьютерди, периферия жабдууларын, анын ичинен: кеңсе компьютерлерин, ноутбуктарды, маалыматтык терминалдарды, маалыматтарды сактоо системаларын жана принтерлерди тейлөө кызматынын кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт. Байланыш жабдууларын (анын ичинде факс), тиричилик электр товарларын (радио кабыл алгыч, теле көрсөтүү, магнитофондор, СД окуучу түзүлүш, тиричиликте колдонуучу видео камералар), тиричилик буюмдары жана бакча үчүн жабдуу, тери буюмдары, эмерек, кийим, спорт буюмдары, музыкалык аспаптар жана башка тиричиликке керектелүүчү товарларды оңдоо көлөмү да көрсөтүлөт.

**627-сапта** 626-саптагы жеке пайдалануучу тиричилик буюмдарын оңдоо боюнча кызмат көрсөтүү көлөмү көрсөтүлөт.

**628-сапта** 625-саптагы башка жеке тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү көрсөтүлөт, аларга: бардык түрдөгү кийимдерди (мехтерди кошкондо) жана токулган буюмдарды жуу, химиялык тазалоо, үтүктөө ж.б.у.с.; жууш үчүн кийимдерди чогултуу жана жуулгандан кийин аларды жеткирүү; килемдерди, драптарды, көшөгө жана пардаларды тазалап-жуу; чачтарачтардын жана сулуулук салондорунун ишмердиги; өлгөн адамды көмүүнү уюштуруу жана ага байланышкан ишмердик; физикалык ыңгайлуулукту камсыздоо ишмердиги (мончо, сауна, солярий, салмакты жана дене мүчөнү калыптандыруу салондору, укалоо салондору) жана башка топторго киргизилбеген жеке тейлөөлөр кирет.

## 8. ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК РЕСУРСТАР

**8-бөлүмдү** отундун, жылуулук энергиясынын жана электр энергиясынын суткалык сандык чыгымынан көз карандысыздыкта бардык чакан ишканалар толтурушат.

Бөлүмдө отунду жана энергияны ташып келүү, пайдалануу жана бөлүштүрүү чагылдырылат. Ар бир графа боюнча теңдик болууга тийиш (кириш чыгымга барабар: 801 + 802 + 804 = 805 + 806+807+808 + 809+812 саптар).

**802-сап «Бардык келип түшкөнү»** боюнча отундун айрым түрлөрүнүн Кыргыз Республикасынын башка ишканаларынан, уюмдарынан жана импорт боюнча жалпы келип түшкөнү көрсөтүлөт.

**803-сапты «Импорт»** отунду чет өлкөдөн өз алдынча ташып келип жаткан ишканалар гана толтурушат.

**805-сап «Энергиянын башка түрлөрүн кайра түзүүгө (электр жана отун энергиясын өндүрүүгө) жумшалды»** отун менен энергияны башка түрлөрүнө өзгөртүүгө сарптаган ишканалар тарабынан гана толтурулат. Өндүрүмдүүлүгү 20 ГКал/сааттан аз болгон жылытуучу отканалардын тиричиликке жумшалган отун чыгымы бул сапта көрсөтүлбөстөн, чечмелениши менен, коммуналдык жана маданий-тиричилик муктаждыктарга чыгым катары 807 саптын 8.1-бөлүмүндө эсепке алынат.

**806-сапта «Материал катары (өндүрүшкө жана отун эмес материалга муктаждык) жумшалышы»** төмөнкү чыгымдар чагылдырылат:
- айнек куймасын кайнатууда кошунду катары кошулган көмүр;
- майда тешиктүү кирпичти, клинкерди куюуда чопого кошумча катары кошулган көмүр;
- керамзитти даярдоодо чопого кошулган мазут.

Ушул эле графада жылытуу үчүн эмес материал түрүндөгү отундун чыгымы эсепке алынат. Мисалы, майлоо үчүн колдонулган мазут, мотор майы, тетиктерди жууй турган керосин, бензин, мунайзат скважиналарын бургулоо үчүн колдонулган көмүр, жүктү таңгактоо үчүн колдонулган тактайлар жана жыгач кырындылары ж.б.

**807-сапта «Отун же энергия катары түздөн түз пайдаланууга жумшалышы»** өндүрүштүк-технологиялык, айыл чарбалык, курулуш, транспорттук, коммуналдык - тиричилик жана башка муктаждыктарга түздөн-түз жумшалган отун менен энергиянын саны чагылдырылат, буга энергиянын башка түргө (электр энергияга, жылуулук энергиясына) өтүүсү кошулбайт. 807-саптын баардык маалыматтары 8.1-бөлүмдүн чыгымынын багыттары боюнча чечмеленет.

**808-сапта** көмүрдү байытууда, брикеттөөдө сарпталышы, мунайзатты туссуздандырууда жана суусуздандырууда азайышы, ошондой эле отундун сактоого жана ташууга байланыштуу, тийиштүү актыларда көрсөтүлгөн жетишсиздиктери жана жоготуулары.

Энергиянын башка түрлөргө өтүүсүнө байланыштуу отундун жок болушу, жалпы заводдук электр жана жылуулук түйүндөрүндөгү жылуулук энергиясы менен электр энергиясынын жок болушу, жолдогу мунайзат газы (шам чыракта жагылды), пайдаланылбаган иштетилген буу, ысык суу, токой материалдарын даярдоочу жана жыгач иштетүүчү

ишканалардын колдонулбаган калдыктары жана башка өндүрүш процесстеринин технологиялык калдыктары бул графага киргизилбейт.

**809-сапта «Бардыгы берилди/сатылды»** калкка берилген жана экспортко сатылган отундун жалпы саны көрсөтүлөт.

**811-сапта** республиканын чегинен сыртка **экспорттолгон** отундун саны көрсөтүлөт.

**8.1-бөлүмдө** отундун жана энергиянын чыгымдары түздөн-түз эсепке алынат, б.а. алдын ала отун менен энергиянын башка түрлөрүнө өтүшүн кошпогондо**.**

Эгерде 807-сап 8-бөлүмдө толтурулса, анда 8.1-бөлүм колдонулган отундун түрлөрү боюнча толтурулат .

«Өнөр жай продукциясын өндүрүү» **3-графада** айрым түрлөрү боюнча бардык өндүрүлгөн өнөр жай продукциясына кеткен отундун же энергиянын чыгымдары, продукцияны кайсы ишкана (өнөр жай, курулуш, транспорт, айыл чарба ж.б.) чыгаргандыгынан көз карандысыздыкта продукциялардын мамлекеттик статистикалык классификатору боюнча продукциялардын кодун 2-графада көрсөтүү менен жазылат. Продукциялардын мамлекеттик статистикалык классификатору боюнча продукциялардын коду мамлекеттик статистика органдары тарабынан толтурулат.

Балансында электрстанциялар жана отканасы бар ишканалар, 3-графага электрэнергиясы менен жылуулук энергиясы иштелип чыгышына байланыштуу, откананын өзмуктаждыктарына кеткен отун менен энергиянын чыгымын жазышат.

«Курулуш-монтаждоо жана бургулоо иштери» **4-графада** (бул иштерди экономиканын кайсы тармагы аткарып жаткандыгынан көз карандысыз), кыймылдаткыч жана механизмдердеги (бетон төшөөчү, формага салуучу машиналардагы, конвейерлердеги, жерснаряддарындагы, экскаваторлордогу, эритметүйүндөрдөгү, жүккөтөргүчтөрдөгү, ширетүүнүн кыймылдаткыч-генераторлорундагы ж.б.) тейлөө иштерине отун менен энергиянын чыгымдары, ошондой эле бетондун, кыртыштоону жылытуунун жана суутүтүктөрүнүн электржылытууларына (же отун менен жылытууга) кеткен отундун жана энергиянын чыгымдарыдагы камтылат.

**6-графада** транспорттун бардык түрүнүн (заводдун ичиндегиден башка) иштерине кеткен отундун жана (же) энергиянын бардык чыгымдары, анын ичинде транспорттук (жүк жана жүргүнчү) иштерди кайсы ишкана (өнөр жай, курулуш, транспорт, айыл чарба ж.б.) ишке ашырганына карабастан, нускамада келтирилген коддорго ылайык 5-графада көрсөтүү менен транспорттун айрым түрлөрү боюнча жазылат.

«Айыл чарба иштери (продукциясы)» **7-графада** отун жана энергиянын бардык түрлөрүнүн чыгымдары жазылат:

1. Күч кыймылдаткычтарына жана механизмдерине, өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча тейлөө иштерине (тракторлор, комбайндар, үрөн сепкич машина, сапыргыч машина ж.б.);
2. Канаттуулар фабрикаларындагы, күнөскана чарбачылыгындагы, сүт пункттарындагы, тоюттарды даярдоо боюнча пункттардагы механизациялашкан иштерди камсыздоочу кыймылдаткычтарга;
3. Сугаруучу жана ирригациялык курулмалардын пайдалануусун тейлөөчү күч берүүчү кыймылдаткычтарга;
4. Күнөскана, мал чарба жана башка өндүрүштүк жайларды жылытууга жана жарык кылууга;
5. Трактор жана автомобилдерди пайдалануу базасында чарба ичинде жүктөрдү ташуу боюнча транспорттук операцияларга;
6. Башка айыл чарба иштерине кеткен чыгымдар.

«Коммуналдык жана маданий-тиричиликтик муктаждыктар» **8-графада** төмөнкүлөр жазылат:

1. Жылытууга, жарык кылууга, желдетүүгө, ысык суу менен жабдууга жана башка турак, окуу, дарылоо, спорттук, көрүүчү имараттардын жана соода имараттарынын, балдар мекемелеринин, санаторий жана эс алуу үйлөрүнүн, карылар жана майыптар үйлөрүнүн, мончо, кир жуучу жана башка коммуналдык, маданий-тиричиликтик багыттагы имараттардын жана мекемелердин санитардык-гигиеналык муктаждыктарына кеткен отун жана энергия чыгымдары;
2. Бириккен казандардын жана жылытуу тарамдардын курамына кирбеген, өндүрүмдүүлүгү 20 Гкал/сааттан аз жылытуу казандарындагы отундардын чыгымы.

«Башка иштер жана муктаждыктар» **9-графада** бардык башка иштерге жана муктаждыктарга кеткен отун жана энергия чыгымдары жазылат. Бул жерге жылытууга, жарык кылууга, абаны кондициялоого жана бардык отчет берүүчү ишканалар менен уюмдардын административдик имараттарын желдетүүгө кеткен чыгымдар жазылат.

## 9. МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ

Компьютердик, телекоммуникациялык жабдуу, электр шаймандары, микроэлектроника каражаттары, жыйноо, сактоо, иштетүү, издөө үчүн программалык каражаттар, маалыматтарды, тексттерди, элестерди жана үндү жиберүү жана сунуштоодо пайдалануучу технологиялар ***маалыматтык-коммуникациялык технологиялар*** деп эсептелет.

**901-сап** боюнча **«Отчеттук жылда МКТ чөйрөсүндө түздөн-түз иштеген кызматкерлердин саны»** маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө кесипкөй иштеген кызматкерлердин саны көрсөтүлөт (компьютерлер боюнча адистер, компьютердик системаларды иштеп чыгуучулар жана

аналитиктер, программисттер жана инженерлер, компьютерлерди тейлөө боюнча техниктер жана операторлор, башка адистиктеги адистер, негизинен компьютерде иштеген адистер).

Маалыматтык технологияда иштеген кызматкерлердин саны **«Эмгек» 1-бөлүмдүн 106-сабындагы** көрсөтмөлөргө ылайык эсептелет.

**«Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен иштеген кызматкерлердин эмгек акы фонду»** деген **902-сап** боюнча маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен иштеген кызматкерлерге эсептелген эмгек акынын суммасы көрсөтүлөт, алардын саны 901-сап боюнча чагылдырылат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологияда иштеген кызматкерлердин эмгек акы фонду **«Эмгек» 1-бөлүмдүн 107-сабындагы** көрсөтмөлөргө ылайык аныкталат.

**903-сапта санариптик технологияларды иштеп чыгууга, сатып алууга, ишке киргизүүгө жана пайдаланууга жалпы чыгымдар** көрсөтүлөт. Чыгымдар жөнүндө маалыматтар отчеттук жыл үчүн берилет. Ошол эле учурда санариптик технологияларды иштеп чыгуу же ишке киргизүү процесси кайсы этапта экени маанилүү эмес: акыркы этапта, техникалык каражаттар орнотулганда, программалык камсыздоо иштелип чыккан, жумушчулар окутулган жана бул технологияны өз функционалдык милдеттерин аткаруу үчүн колдоно башташкан, же орто этапта, мисалы, кээ бир техникалык жана стандарттык программалык каражаттар сатылып алынган, бирок али орнотула элек, же колдонмо программалык каражаттар иштелип чыккан, бирок алар пайдаланууга бериле элек. 1-графанын 901-сабынын маалыматтары 902-903-саптардын суммасына барабар.

**904-сапта санариптик технологияларды киргизүүгө жана пайдаланууга ички чыгымдарды** көрсөтүлөт (санариптик технологиялар менен байланышкан машиналарды жана жабдууларды сатып алууга, аларды техникалык тейлөөгө, модернизациялоого, өз күчү менен аткарылган учурдагы жана капиталдык оңдоого, программалык камсыздоону сатып алууга, өз күчү менен аткарылган программалык камсыздоону модернизациялоого жана толуктап иштеп чыгууга, маалыматтык коммуникациялык технологиялар (МКТ) жаатындагы адистердин эмгегине акы төлөөгө, санариптик технологияларды киргизүү жана пайдалануу менен байланышкан кызматкерлерди окутууга, электр байланышынын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөгө, жана башка ички чыгымдар).

**905-сапта** уюмдар **санариптик технологияларды киргизүүгө жана пайдаланууга тышкы чыгымдарды** көрсөтүшөт (байланыш жана окутуу кызматтарынан тышкары санариптик технологияларды киргизүүгө жана пайдаланууга байланыштуу башка уюмдардын жана адистердин кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөгө).

904-саптан уюмдар ички чыгымдарды бөлүшөт:

**906-сапта** - отчет берүүчү уюмдун <u>өздүк каражаттарынын</u>, анын ичинде өндүрүштүк жана социалдык өнүктүрүү фондунун эсебинен, ошондой эле чыгарылган продукциянын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркынын эсебинен, экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрүнөн уюмдун каражаттарын үнөмдөөнүн эсебинен, өткөн жылдардын пайдасынын эсебинен. Өздүк каражаттардын курамына ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында катталган юридикалык жана жеке жактардын максаттуу каржылоосу, ыктыярдуу кайрымдуулуктары да кирет.

**907-сап** боюнча - <u>башка булактардан алынган</u> каражаттардын эсебинен.

**908-сапта** отчеттук жыл ичинде юридикалык жана жеке жактарга МКТга байланыштуу жеке өндүрүштөн жөнөтүлгөн товарлардын, өз күчү менен аткарылган кызматтардын көлөмү (КНСсиз, акциздерсиз жана ушул сыяктуу милдеттүү төлөмдөрсүз) көрсөтүлөт

**909-сапта** кайра сатуу үчүн тараптан сатып алынган МКТга байланыштуу сатылган товарлардын наркы көрсөтүлөт.

Жеке өндүрүштөн жөнөтүлгөн товарлардын көлөмүн жана МКТ менен байланышкан, куралбаган өндүрүштүн кайра сатылган товарларынын наркын аныктоо үчүн форманын тиркемесинде Экономикалык иштин түрлөрү боюнча продукциянын мамлекеттик классификаторунун негизинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялар секторуна тиешелүү товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) түрлөрү келтирилген.

909-сапты толтуруп жатып, техникалык каражаттарды орнотуу, жөндөө, кошуу жана тейлөө боюнча коштоочу көрсөтүлгөн кызматтардын наркы, эгерде алар техникалык каражаттарды сатуу келишиминин курамдык бөлүгү болуп саналса жана техниканын наркын жана тиешелүү кызматтардын наркын бөлүүгө мүмкүн болбогон учурда гана чагылдырыла тургандыгын эске алуу керек. Эгерде техникалык каражаттарды сатуу келишиминин курамдык бөлүгү болуп эсептелсе жана бул келишимдин алкагында техникалык жана программалык каражаттардын наркын бөлүүгө мүмкүн болбосо, техникалык каражаттар менен бирге берилүүчү сатылган тутумдук программалык камсыздоонун наркы 909-сап боюнча да эске алынат. Сатылган программалык каражаттарды адаптациялоо жана коштоо, ошондой эле келечектеги колдонуучуларды окутуу боюнча кызматтардын наркы, эгерде бул кызматтарды көрсөтүү программалык камсыздоону жеткирүүгө келишимдин курамдык бөлүгү болуп саналса жана бул келишимдин алкагында программалык каражаттардын жана тиешелүү кызматтардын өздүк наркын бөлүүгө мүмкүн болбогон учурда гана көрсөтүлөт**.**

Кийинки бөлүмдө отчет берүүчү уюм маалыматтык-коммуникациялык жабдуулардын саны боюнча маалыматтарды чагылдырат.

**910-сапта** боюнча отчеттук жылдын аягына карата уюмда колдонулган **персоналдык компьютерлердин** (мындан ары - ПК) **жалпы саны** көрсөтүлөт. Бардык компьютерлер, алар уюмдун менчиги болуп саналабы, ижарага алынганбы, пайдаланылганбы, тескелгенби, кайтарымсыз алынганбы же башка шарттарда жумуштарды аткаруу үчүн алынганбы, ага карабастан эсепке алынат.

***Персоналдык компьютер*** (ПК) деп электр тармагына туруктуу туташууну талап кылган жана көбүнчө стационардык орнотулган (мисалы, тутумдук блок жана монитор бири - бири менен зымдар, моноблоктор менен туташтырылган өзүнчө түзүлүштөр түрүндө көрсөтүлөт) же колдонуу электр тармагына туруктуу туташууну талап кылбаган көчмө (көчмө) компьютер - жабдуулар (мисалы ноутбуктар, нетбуктар, смартбуктар, планшеттик компьютерлер) рабочий компьютер түшүнүлөт.

Бул түшүнүк, мисалы, мобилдик уюлдук телефондор, чөнтөк персоналдык компьютерлер катары жабдууларды камтыбайт.

**911-сап** боюнча стол компьютерлеринин саны бөлүнүп көрсөтүлөт.

**912-сапта** ноутбуктардын саны белгиленет. ***Ноутбук*** - портативдик персоналдык компьютер, анын корпусунда персоналдык компьютердин тутумдук блогунун негизги компоненттери, ошондой эле дисплей, клавиатура, көрсөтмө түзүлүш, коммуникативдик түзүлүштөр жана аккумулятордук батарея бириктирилген.

**913-сапта** планшеттердин жана башка портативдик ПК компьютерлердин саны бөлүнүп көрсөтүлөт. ***Планшет жана (портативдик) башка көчмө компьютерлер*** - бул планшеттик компьютерлер, нетбуктар, смартбуктар, туруктуу электр туташуусун талап кылбайт, сенсордук экран менен жабдылган, экранга тийүү жана физикалык клавиатураны колдонуу менен башкарылат.

910-саптагы маалыматтар 911-913-саптардын суммасына барабар болушу керек.

**914-сап** боюнча эгерде кызматкерлер уюмдун кызыкчылыгында 911-913-саптарда саналып өткөн өздүк (жеке) жабдуусун пайдаланса 1 коду көрсөтүлөт, эгерде өздүк (жеке) жабдуусу пайдаланылбаса 0 коду көрсөтүлөт.

"Интернетти жана санариптик технологияларды колдонуу" бөлүмчөсүндө отчет берүүчү уюм "Интернет" маалыматтык-телекоммуникациялык тармагын (мындан ары - Интернет тармагы, тармак) жана санариптик технологияларды пайдалануу жөнүндө маалыматтарды чагылдырат. Коюлган суроого оң жооп берилген учурда тиешелүү графага 1 коду коюлат, болбосо бул графага 0 коду коюлат.

***Интернет тармагы*** - стандарттуу ачык протоколдор боюнча маалымат алмашуу үчүн өз ара бириккен көз карандысыз компьютердик тармактардын глобалдык (дүйнөлүк) көптүгү.

915-916-саптар боюнча отчет берүүчү уюмдун кызматкерлери Интернет түйүнүнө кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, 1 код коюлат.

Мында мындай кирүү кандай жол менен уюштурулганы маанилүү эмес (түздөн-түз кызматкерлердин жумуш орундарынан же бул үчүн атайын компьютерлер орнотулган, жеке компьютерлер туташтырылган же кирүү уюмдун локалдык тармагынын шлюзу аркылуу ишке ашырылат, коммутациялык же атайын байланыш каналдары колдонулат жана ушул сыяктуулар).

***Интернет тармагына туруктуу (зымдуу жана зымсыз) туташуу*** - коммутациялык телефон линиясы, телефон-байланыш, санариптик абоненттик линия (xDSL технологиясы ж.б.), башка кабелдик байланыш (анын ичинде атайын линиялар, оптикалык була жана башкалар), спутниктик байланыш, туруктуу зымсыз байланыш, зымсыз локалдык тармак жана WiMAX.

***Мобилдик Интернет байланышы*** - Интернет тармагына жетишүүнү тармактар боюнча көчмө уюлдук байланыш, мисалы, широкополосные CDMA (W-CDMA), универсалдуу системасы көчмө электр байланыш (UMTS); CDMA2000 1xEV-DO жана CDMA 2000 1xEV-DV; LTE жана башка түрлөрү тар тилкелүү жана кеңири тилкеден кыймылдуу жетүү.

**917-сапта**, эгерде отчет берүүчү уюмдун Интернет тармагында өзүнүн ишмердиги жөнүндө маалыматты байма-бай (жарым жылда бир жолудан кем эмес) жарыялап турган жана жаңылап турган жок дегенде бир өздүк баракчасы болсо, 1 код коюлат. Уюмдун баракчасы уникалдуу дарекке ээ болушу керек, ал аркылуу Интернет тармагынын каалаган колдонуучусу кайрыла алат. Ошол эле учурда, бул маалыматты тармакка ким жайгаштырганы (уюм бул иштерди өз күчү менен аткара алат же башка уюмдардын же адистердин кызматынан пайдалана алат), ошондой эле уюм тармактагы бул дарек мейкиндигин кандай шарттарда пайдаланганы маанилүү эмес.

**918-сапта**, эгерде уюм санариптик платформалардын айрым кызматтарын (сервистерин) пайдаланса, 1 код коюлат.

***Санариптик платформа*** (СП) - кардарлардын жана өнөктөштөрдүн, тиркемелерди иштеп чыгуучулардын, кызмат көрсөтүүчүлөрдүн жана агенттердин пайдалануусу үчүн ачык болгон, рыноктордун катышуучуларынын ортосундагы өз ара байланыш функцияларын аткарууну камсыз кылган татаал маалыматтык система.

***Санариптик платформанын сервистери*** - санариптик платформа тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын комплекси.

**919-сапта**, эгерде отчет берүүчү уюм товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) атайын формалар аркылуу берилген (алынган) заказдар боюнча сатуу (сатып алуу) үчүн маркетплейсти пайдаланса, 1 код коюлат.

***Маркетплейстер*** товарларды же кызмат көрсөтүүлөр (сайт же мобилдик тиркеме аркылуу) сатууга адистешкен процессордун кызматтарын беришет.

Эгерде отчет берүүчү уюм санариптик платформаларда финансылык сервистерди колдонсо, **920-сап** боюнча 1 код коюлат.

***Финансылык сервистер*** банктардын санариптик платформаларында электрондук түрдө көрсөтүлүүчү финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү билдирет (бизнес-пландарды, долбоорлорду түзүү жана ишке ашырууну коштоо, бухгалтердик эсепти жүргүзүү, анын ичинде автоматташтырылган режимде, консультативдик кызматтарды көрсөтүү ж.б.).

Эгерде отчет берүүчү уюм булут сервистерин колдонсо, **921-сап** боюнча 1 коду коюлат.

***Булут кызматтары*** - компьютердик ресурстар жана кубаттуулук интернет-сервис катары колдонуучуга берилүүчү бөлүштүрүлгөн маалыматтарды иштеп чыгуу технологиялары.

**922-сапта** отчет берип жаткан уюм жасалма интеллект технологияларын пайдаланса, 1 код коюлат.

***Жасалма интеллект*** - адамдын когнитивдик функцияларын (алдын ала белгиленген алгоритмсиз өз алдынча үйрөнүүнү жана чечимдерди издөөнү кошо алганда) окшоштурууга жана конкреттүү милдеттерди аткарууда адамдын интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн натыйжалары менен кеминде салыштырууга мүмкүн болгон натыйжаларды алууга мүмкүндүк берүүчү технологиялык чечимдердин комплекси. Технологиялык чечимдердин комплекси өзүнө маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны, программалык камсыздоону (анын ичинде машиналык окутуу ыкмаларын колдонгон), маалыматтарды иштеп чыгуу жана чечимдерди издөө боюнча процесстерди жана сервистерди камтыйт.

***Жасалма интеллект технологияларына*** кепти таануу жана синтездөө, анын ичинде үн жардамчылары, кардарларды автоматтык түрдө тейлөө үчүн ар кандай системалар (сүйлөө тилин машина окуй турган форматка айландыруучу технологиялар); табигый тилди иштетүү, анын ичинде виртуалдык жардамчылар, чат-боттор (тилди түшүнүүгө жана текстти түзүүгө багытталган технологиялар); маалыматтарды интеллектуалдык талдоо (машина окуу алгоритмдерине негизделген маалыматтарды талдоо технологиялары); компьютердик көрүү (үлгүлөрдү, сүрөттөрдү таануу технологиялары); сунуш берүүчү тутумдар жана чечимдерди кабыл алууну колдоонун интеллектуалдык тутумдары (айлана-чөйрөнүн маалыматтарына жана колдонулган өз алдынча чечимдерди кабыл алган технологиялар, мисалы, тейлөө роботторунда, учкучсуз транспорт каражаттарында); процесстерди автоматташтыруу, анын ичинде роботтордун катышуусунда автоматташтыруу (автоматташтыруу максатында адамдын иш-аракеттерин туураган технологиялар); терең үйрөнүү алгоритмдерине негизделген маалыматтарды талдоо технологиялары (мисалы, болжолдоочу аналитика тутумдары).

**923-сап** боюнча, эгерде отчет берүүчү уюм нерселердин Интернетинин технологияларын пайдаланса, 1 код коюлат.

***Нерселердин (Буюмдардын) интернети*** - маалыматтарды чогултууну жана алмашууну жүзөгө ашыруучу жана компьютерлердин, смартфондордун ар кандай типтериндеги программалык камсыздоонун жардамы менен интернет тармагы аркылуу же интерфейстер аркылуу алыстан башкарылуучу түзүлүштөрдүн же системалардын бирдиктүү түйүнүнө бириктирилген жыйындысы.

Эгерде отчет берүүчү уюм өнөр жай роботторун же автоматташтырылган линияларды пайдаланса, **924-сап** боюнча 1 код коюлат.

***Өнөр жай роботтору / автоматташтырылган линиялар*** - айлана-чөйрөнү кабылдоого, өз аракеттерин көзөмөлдөөгө жана анын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга жөндөмдүү, үч же андан ашык кыймылдуу манипуляторлор менен жабдылган автоматташтырылган өндүрүш системалары; өндүрүштүк иштетүү (ширетүү, кесүү, сырдоо жана башкалар) үчүн да, көмөкчү операцияларды аткаруу үчүн да (монтаждоо, сорттоо, ташуу, таңгактоо жана башкалар) колдонулушу мүмкүн.

Эгерде 915, 916-саптарда 0 коду коюлса, анда 917-924-саптар толтурулбайт.

925-930-саптарда уюмдан Интернетти колдонуу максаттарын көрсөтүү суралат. Ар бир сапка 1 код киргизилет, эгерде уюм отчеттук жылы тиешелүү максатка жетүү үчүн тармакты пайдаланса; антпесе, 0 коду киргизилет. 925-930-саптарда **Интернетти колдонуу максаттары** келтирилген:

**925-сапта** - электрондук почтаны колдонуу (электрондук формадагы тексттик билдирүүлөр) алыскы колдонуучулар менен байланышуу.

**926-сапта** - Интернет/VoIP аркылуу телефондук сүйлөшүүлөр (аудио чалууларды жасоо үчүн ар кандай программалык жана аппараттык каражаттарды колдонуу менен), ошондой эле Интернет аркылуу бир нече катышуучулар менен видео чалуулар жана видеоконференциялар.

**927-сап** - китепканалардын каалаган электрондук ресурстарына акылуу жазылуунун, ошондой эле чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдарды кошкондо, башка уюмдардын маалымат базаларына акылуу жетүүнүн болушу тиешелүү келишим болгондо эске алынат.

**928-сапта** - банктык жана башка финансылык операцияларды жүргүзүү (төлөмдөрдү, акча которууларды, анын ичинде бир эсептен экинчи эсепке которууларды жүргүзүү үчүн Интернет тармагын пайдалануу, эсептер жөнүндө маалыматты көрүү жана башка онлайн финансылык операциялар).

**929-сапта** -жеткирүүчүлөр/керектөөчүлөр менен байланышуу үчүн.

***Жеткирүүчүлөр менен байланышуу үчүн*** - уюмуңузга керектүү товарларга (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) заказдарды жайгаштыруу. Ушул максатта, жеткирүүчү өзүнүн веб-сайтында берген мүмкүнчүлүктөрдү колдонсо болот. Мисалы, атайын бланк-заказды толтуруу, продукциянын каталогдорунда керектүү нерселерди тандоо жана ушул сыяктуу. Электрондук почтага жөнөкөй билдирүү катары берилген буйрутмалар. Уюмуңузга керектүү товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) тууралуу маалыматты жарыялоо үчүн уюмуңуздун веб-сайты жана башка уюмдардын сайттары (адистештирилген электрондук соода сайттары) колдонулушу мүмкүн.

Сиздин товарларды (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) ***керектөөчүлөр менен байланышуу үчүн*** - Сиздин уюм, анын товарлары (иштер, кызмат көрсөтүүлөр), иши, баалары, сатып алуу шарттары, жарнама жана башка ар кандай маалыматтарды берүү. Бул учурда, маалымат электрондук почта аркылуу жөнөтүлүшү мүмкүн, Сиздин уюмдун веб-сайтында же өнөктөштөрдүн сайттарында, же интернетте жарнамалык иш менен алектенген башка уюмдарда жайгаштырылышы мүмкүн. Сиздин уюмуңуз чыгарган товарларга (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) заказдарды алуу үчүн Сиздин уюмдун веб-сайтында берилген атайын мүмкүнчүлүктөр колдонулушу мүмкүн: атайын бланк-тапшырыкты толтуруу; продукт каталогдорунда керектүү позицияларды тандоо жана ушул сыяктуулар.

**930-сапта** - мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан айрым мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук түрдө алуу үчүн (зарыл болсо төлөмдөрдү кошо алганда).

“Отчеттук жылда атайын программалык камсыздоону колдонуу” бөлүмчөсүн 910-сапта ЖКнын саны 0-дөн көп көрсөткөн уюмдар толтурулат. 931-937-саптарда бөлүмчөдө көрсөтүлгөн атайын программалык камсыздоонун кайсынысы болгондугун көрсөтүү сунушталат, отчеттук жылы пайдаланылган. Эгерде отчеттук жылда уюм тиешелүү атайын программалык каражатты колдонсо, ар бир сапка 1 код киргизилет; болбосо, 0 коду киргизилет.

**931-сапта** операциондук система менен бирге компьютерде орнотулган жалпы программалык камсыздоону, ошондой эле компиляторлорду, маселелердин белгилүү бир классын чечүү үчүн колдонулган стандарттык программалык камсыздоону (мисалы, тексттик же графикалык редакторлор, электрондук таблицалар, башкаруу системаларынын маалымат базалары) колдонгон уюмдар үчүн 1 кодду киргизиңиз, эгерде алардын негизинде атайын тиркеме, антивирустук программалар, электрондук почта программалары ж.б.

**932-сапта** компьютердик долбоорлоо/моделдөө системаларын же долбоорлоо/моделдөө процесстеринде колдонулган жеке атайын программаларды колдонгон уюмдар үчүн 1 кодду киргизиңиз.

***Компьютердик долбоорлоо/моделдөө системасы*** деп буюмдарды же алардын компоненттерин конструкциялоону автоматташтыруу үчүн колдонулуучу аппараттык жана программалык каражаттардын жыйындысы түшүнүлөт: чиймелерди жана схемаларды иштеп чыгуу, долбоорлонгон объектти моделдөө, техникалык документтерди даярдоо.

**933-сапта** CRM, ERP, SCM, PLM/PDM, HRIS системаларын колдонгон уюмдар үчүн 1 кодду киргизиңиз.

**CRM системасы** - кардарлар менен мамилелерди башкаруу системасы. Бул система менен уюм өз кардарларынын ишинин ар кандай аспектилери жөнүндө маалыматтарды чогултат жана топтойт (мисалы, продукциялардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) болушу/муктаждыгы, сатуу циклдери, продукциянын баасы).

**ERP системасы** - кардарлардын тапшырыктарын аткаруу процессинде сатуу, өндүрүү, сатып алуу жана эсепке алуу үчүн зарыл болгон уюмдун бардык ресурстарын аныктоо жана пландаштыруу үчүн маалыматтык система.

**SCM системасы** - уюштуруу сатып алуу/жабдуу, продукт кыймылын контролдоо техникасынын жана башкаруу үчүн арналган жеткирүү чынжырын башкаруу системасы.

**PLM системасы** - продукциянын жашоо циклин башкаруу үчүн колдонмо программалык камсыздоо. PLM технологиялар алардын жашоо циклинин бардык этаптарында өнүмдөрдү маалыматтык колдоо ыкмаларын жана каражаттарын бириктирип, ар кандай өндүрүүчүлөрдүн автоматташтыруу каражаттарынын жана көптөгөн ишканалардын ар кандай автоматташтырылган системаларынын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылатт.

**PDM системасы** - буюм жөнүндө бардык маалыматты башкарууну камсыз кылган уюштуруучулук-техникалык система. Ошону менен бирге түрдүү татаал техникалык объекттер (кораблдер жана автоунаалар, учактар жана ракеталар, компьютер тармактары жана башкалар) буюмдар катары каралышы мүмкүн. PDM-системасынын базалык функционалдык мүмкүнчүлүктөрү төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: маалыматтарды жана документтерди сактоону башкаруу, иштердин жана процесстердин агымын башкаруу, продуктунун түзүмүн башкаруу, тандалмалардын жана отчеттордун генерациясын автоматташтыруу, авторлоштуруу механизми.

**HRIS системасы** - уюмдун адам ресурстарын башкаруунун маалыматтык системасы, кадрдык кызматтардын айрым функцияларын автоматташтырууга мүмкүндүк берет.

**934-сапта** 1 кодду киргизиңиз, товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу/сатуу боюнча атайын программалык камсыздоону колдонгон уюмдар үчүн, жок дегенде саналып өткөн иштердин бири үчүн колдонулган: заказдарды түзүү, аларды жаңыртуу, сатып алуу/сатуу үчүн төлөм документтерин даярдоо, өндүрүштү башкаруу. продуктылардын (кызматтардын) саны.

**935-сапта** глобалдык маалымат түйүндөрүн пайдалануу менен финансылык эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн атайын программалык каражаттар колдонгон уюмдар үчүн 1 коду киргизилет. Мындай эсептөөлөр уюмдун продукциясын (кызмат көрсөтүүлөрүн) керектөөчүлөр менен түздөн-түз алардын банктык эсептерин же кредиттик карталарын пайдалануу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Бул учурда отчет берүүчү уюм кандайдыр бир электрондук төлөм тутумуна киргизилиши керек жана компьютерлеринде тиешелүү программалык камсыздоо болушу керек. Бул сап боюнча отчет берүүчү уюмду банк менен байланыштыруучу жана банктык эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө, отчет берүүчү уюмдун компьютерлерин колдонуу менен банктан көчүрмөлөрдү, маалымкаттарды жана ушул сыяктууларды алууга мүмкүндүк берүүчү программалык каражаттар да эске алынат.

**936-сапта** издөө системасы, шилтемелер жана комментарийлер менен жабдылган мыйзамдуу, ченемдик-укуктук актыларды, ошондой эле ар кандай түрдөгү окуу программаларын камтыган электрондук маалымдама-укуктук системаларды пайдаланган уюмдар 1 кодун коюшат: жабдууларды уюштуруунун жана эксплуатациялоонун технологиялык процесстерин үйрөнүү, тигил же бул программалык каражаттарды пайдалануу менен ПК менен иштөөгө окутуу, чет тилдерди же ар кандай башка предметтерди үйрөнүү үчүн ж.б.у.с.

**937-сапта** маалымат коопсуздугун камсыз кылуу үчүн программалык камсыздоону колдонгон уюмдардын 1 коду коюлат.

## 10. НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАРДЫН ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕРДИН БОЛУШУ, КУРАМЫ ЖАНА КЫЙМЫЛЫ

**10-бөлүмдө** товарларды (кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүү жана алып келүүдө, ижарга берүүдө же административдик максатта колдонулуучу ишкананын материалдык жана материалдык эмес активдери жана алардын кыймылы чагылдырылат. **Негизги каражаттар** - продукцияны өндүрүү проссецинде катышуучу узак убакытка табигий-буюмдук формасын сактаган материалдык активдер же эмгек каражаттары. Эмгек каражаттарынын айрым түрлөрүнүн **негизги каражаттар менен** болгон мамилеси пайдалуу колдонулуучу мөөнөтүнө ылайык жүргүзүлөт. Пайдалуу колдонулуучу мөөнөтү негизиги каражаттын наркынан көз карандысыз бир жылдан ашык, жана субъектин эске алынган саясатынын алкагында болушу керек.

«Негизги каражаттар» менен ФОЭС (IAS 16) дал келүүсү, нагыз чыгым боюнча да, ошондой эле, кайра баалоо наркы боюнча да негизги каражаттардын баасы ишке ашышы мүмкүн.

Компания эсепке алуу методун жана аны өзүнүн эсепке алуу саясатын өз алдынча аныктайт.

Мезгилдин аягында негизги каражаттардын наркына кайра баалоо методу колдонулган учурда, негизги каражаттардын түшүүсүнөн жана чыгуусунан тышкары кайра баалоонун жыйынтыгы таасир этет, анын

жакшы жагы ошондой эле жаман жагы дагы болушу мүмкүн (б.а. негизги каражаттардын наркын же чоңойтот, же кичирейтет). Негизги каражаттарды кайра баалоо төмөнкү жол менен ишке ашат:

- Активдин балансттык наркы анын кайра баалоо күнүн акыйкаттык наркына барабар болуш үчүн, баштапкы наркы жана топтолгон азаюусу мындай абалда пропорциялуу өзгөрүлөт.
- Активдин балансттык наркы анын кайра бааланган наркына барабар болуш үчүн амортизациялык чегерим ушундай жол менен оңолот.
- Алгачкы наркы - бул төлөнгөн акча каражаттардын же алардын эквиваленттеринин суммасы же аны калыбына келтирүү үчүн ордуна башкасы берилген активдин же курулманын сатылып алынган мезгилдеги калыс наркы.

Тандалып алынган эсепке алуу методуна көз каранды топтолгон амортизация жана негизги каражаттын баштапкы наркы да ушундай жол менен өзгөрүшү мүмкүн.

Мындан тышкары, негизги каражаттын наркы мезгилдин аягында, анын орду толтурлуучу суммасына чейин баасызданышынын белгилери колдо бар учурунда азайышы керек. Нагыз чыгымдар боюнча эсепке алуу методун колдонгон учурда, кайра баалоо методун колдонгон учурдагыдай (мынчалык кайра баалоо жыл сайын өндүрүлө бербейт), баасыздануудан чыгаша келип чыгуусы мүмкүн.

Ушундай эле эрежелер материалдык эмес активдердин ылайыгына жараша ФОЭС (IAS 38) «Материалдык эмес активдерди» эсепке алуу үчүн колдонулат.

### 10.1-бөлүм. Материалдык активдер (негизги каражаттар)

Негизги каражаттарды эсепке алуу ыкмасына ылайык киргизүүгө 01 жана 02-саптарда *ылайыктуу коддорду тегеректөө керек.*

01 - Анык чыгымдар боюнча эсепке алуу ыкмасы. Баштапкы моюнга алуудан кийин негизги каражаттардын объектиси негизги каражаттардын топтолгон амортизациясын эсептен чыгаруудан жана баанын түшүүнөн топтолгон чыгашанын өздүк наркы боюнча эске алынышы керек.

02 - Наркты кайра баалоо боюнча эсепке алуу ыкмасы. Негизги каражаттардын объектисинин сапатын активдүүлүгүн моюнга алуудан кийин, ишенимдүү ченеле турган накта нарк, наркты кайра баалоо боюнча эсепке жатат, бул объекттин накта наркын кайра аягында баалоонун топтолгон амортизациясын эсептен чыгаруудан жана баанын түшүүнөн топтолгон чыгашанын күнүнө тартуулаган.

**1000-сапта «Негизги каражаттар - бардыгы»**, *ишмердүүлүктүн негизги жана негизги эмес түрлөрүндө* негизги каражаттар чагылдырылат.

Негизги каражаттардын бардык түрлөрүнүн чечмелөөсү кийинки саптарда ишке ашат:

**«Жер» 1110-сапта** субъекттин менчигиндеги жер үлүштөрүнүн наркы чагылдырылат**.**

**«Бүтпөгөн курулуш» 1111-сапта** имараттарды жана курулуштарды куруу, жабууларды монтаждоо боюнча жана башка чыгымдар көрсөтүлөт, алар монтаж жана курулуп жаткан объекттерге орнотуу үчүн өндүрүштүк жабдууларды талап кылынган капиталдык курулуштун сметасы менен каралат, мында ишкананын балансына кирген бардык жер үлүштөрү эске алынат.

**«Имарат» 1112-сапта** эмгек, жашоо, калкты социалдык-маданий жактан тейлөө жана материалдык баалуулуктарды сактоо үчүн шарттарды түзүүгө багыталган объектер чагылдырылат. **1113-сапта турак жай имараттары** каралат.

**«Курулмалар» 1114-сапта** эмгек каражаттарынын өзгөрүүсүнө байланышпаган жана өндүрүштү ишке ашырууга зарыл болгон (скважиналар, жолдор, плотиналар) инжинердик-курулуш объекттери чагылдырылат; ушул эле топко өткөрүүчү каражаттар кирет, булар- электр, жылуулук жана иштеп жаткан машиналарга механикалык энергияларды өткөрүп берет, жана бир инвентардык объекттен экинчисине суюк жана газ түрүндөгү заттарды өткөрүп берет. Өткөрүүчү каражаттарга электр түйүндөрү, электр тогун өзгөртүүчүлөр, сигнал берүүчү, телефон, телеграф түйүндөрү жана радио байланыш, түтүк өткөрүүчүлөр кирет.

**«Машина жана жабдуулар» 1115-сапта** механикалык, термикалык жана химиялык таасирденүүлөр үчүн жана продуктуларды жана тейлөөлөрдү өндүрүүдө эмгек каражаттарын иштетүү үчүн жүктөрдү ич ара өндүрүштүк ооштуруу үчүн (конвейнерлер) иштеген машиналар жана жабдуулар; күч колдонуучу машиналар жана жабдуулар - жылуулук электр энергиясын өндүрүүчү генераторлор, энергиянын ар түрлөрүн механикалык энергияга өткөрүүчү кыймылдаткыч машиналар. Бул топко трансформатордук көмөкчордондордун жабдуулары жана бөлүштүрүү каражаттары кирет. Анын ичинен - **1116-сапта** компьютерлер чагылдырылат.

**1117-сапта** кеңсе жабдуулары (телефондор, көчүрмө, факс-модемдер, документтерди кесүүчү жана жоготуучу аппараттар).

**1118-сапта эмерек жана өндүрүштүк-чарба инвентарлары** чагылдырылат (эмерек, килемдер, дорожкалар, күзгүлөр, электр буюмдары, кондиционерлер, тиричилик муздаткычтары, музыкалык борборлору, төшөккө таандык буюмдар, алкактагы картиналар, скульптуралар, стеллаждар).

**«Транспорт каражаттары» 1119-сапта** жүк жана адамдарды жеткирүү үчүн колдонулуучу каражаттар (темир жол, суу астындагы жол, автомобиль транспортунун кыймылдуу курамы; аба жолдорунун кыймылдуу курамы, жандык транспорту, өндүрүштүк транспорту, спорт транспорту).

**«Биологиялык активдер» 1120-сапта** жумушчу, азыктандырылган мал, көп жылдык өсүмдүктөр кирет. Чоңойгон жумушчу жана азыктандырылган мал гана отчетто эсептелет. Жаш мал жана байлап семиртилген мал, куш, коендор, териси баалуу айбандар, аары уюлдары, көп жылдык өсүмдүктөр, отургузуучу материалдын сапатында питомниктерди өстүрүү, негизги каражаттарга кирбейт жана иштелип чыккан каражаттардын курамында эсептелет. Жумушчу мал иштен чыгарылат, азыктандырылган мал чыгарылбайт. **Жумушчу мал (1121 сап)** - өгүздөр, букалар, жылкылар, төөлөр, эшекттер, транспортук жумуш күчү жана тартуу күчү катары пайдаланылган; **азыктандырылган мал (1122)** - пайдалнуунун жыйынтыгында пайда болгон мал чарбачылык продукциясы. **1123-сапттарда -** көп жылдык өсүмдүктөр (корголгон жана эмен багынан отургузулган башка токой өсүмдүктөрү, ийне жалбырактуулар, сөөктүү жана данектүү мөмөлөрдүн отургузулушу, жемиштердин отургузулушу).

«**Материалдык активдердин башка түрлөрү» 1124-сапка** жогорудагы саптарга киргизилбеген бардык активдер чагылдырылат (цирк жана зоопарк жаныбарлары, жерлердин жакшырышы боюнча капиталдык чыгымдар ж.б.).

1-ФХД-микро форманы толтурууда 1-9-графаларын кийинки көрсөткүчтөр менен жетектелиши керек:

Жыл башына карата негизги каражаттардын колдо болгон наркы **1-графасында** чагылдырылат (алгачкы наркы боюнча).

Отчеттук жылдын башына карата негизги каражаттар жөнүндө маалыматтар, эреже катары, мурунку жылдын аягындагы негизги каражаттардын наркына дал келиши керек. Айрым учурларда маалыматтар отчеттук жылдын башындагы уюштуруучулук жана башка өзгөрүүлөр болгондугуна байланыштуу айырмаланышы мүмкүн. Кандайдыр бир уюштуруучулук өзгөрүүлөрдө, отчеттук жылда ишканалар (уюмдар) менен болгондугуна байланыштуу, отчеттук форма менен бирге мамлекттик статистика органына маалымдарды сунушташ керек.

**«Отчеттук жылда түшкөнү, бардыгы» 2-графада** каржылоо булактары боюнча негизги каражаттардын жалпы түшүүсү чагылдырылат, банктан насыяга алгандын эсебинен, эсепке алынбаган, субъекттин өзү даярдаган, акыга алынган, жеке адамдардан жана юридикалык тараптардан кайтарымсыз жана уставдык капиталга салым катары түшүүлөр анын ичинде болот.

**«Ишке киргизилген жаңы негизги каражаттар» 3-графада** ушул отчеттук жылда салынган же сатып алынган (мурда пайдаланбаган) жаңы негизги каражаттар берилет.

**4-графада** кайра баалоонун (азайуу (-)) эсебинен нарктын өзгөрүүлөрү чагылдырылат.

**5-графада** отчеттук жылда негизги каражаттардын жалпы чыкканы чагылдырылат, субъекттин балансынын эсебинен чыгарылган (жок кылынган), сатып өткөрүү тартибинде акыга сатылган жана кайтарымсыз берилген.

**6-графада** негизги каражаттардын отчеттук жылында жок кылынган (эсептен чыгарылган) наркы көрсөтүлөт.

**7-графада** отчеттук жылдын аягындагы субъекттин негизги каражаттардын колдо бар наркы көрсөтүлөт (алгачкы наркы боюнча).

**8-9-графаларда** жылдын башына жана аягына карата **топтолгон амортизация** чагылдырылат**.**

10.1-бөлүмдүн бардык саптарында теңдик сакталат: **1-графа+2-графа+ 4-графа-5-графа=7-графа**.

## 10.2-бөлүм. Материалдык эмес активдер.

Материалдык эмес активдерге эсеп жүргүзүү ыкмасына ылайык 01 же 02-саптарда ***тийиштүү код тегеректелет***.

**Материалдык эмес активдер -** булар физикалык формага ээ эмес, ижарага берүү же администрациялык максаттагы өндүрүштө же тейлөө көрсөтүүдө пайдаланууга багыталган акчалай эмес активдер. Эсептердин планына маанилүү категориялар боюнча материалдык эмес активдердин эсебин каттоо үчүн айрым эсептер каралган: жер астындагы кенди чалгындоо жана пайдалуу кендердин (капиталдаштырылган) запасын баалоо; илимий-изилдөө ишмердиги; компьютердик программдык камсыздоо маалымат базасы; тираждоо үчүн адабий жана көркөм чыгармаладын түп нускасы; автордук укук, патенттер, уруксаттамалар, соода маркалары, гудвилл, франшиза; жана башкалар.

10.2-бөлүмдүн бардык саптарында теңдик сакталат: **1-графа+2-графа +3-графа-4-графа=5-графа**.

Отчетту толтурууда формадагы жана ушул нускамадагы мисалдарга ылайык маалыматтарга **логикалык жана арифметикалык көзөмөл** жүргүзүү, отчеттун мурунку жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөрүнө жана бухгалтердик балanска ылайык салыштыруу талап кылынат.

Айырмачылыктар даралган учурда жайгашкан жериндеги статистиканын органдарына отчетко түшүндүрмө берүү керек.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика комитети**
**Финансы статистикасы бөлүмү**